МАНАС

ГЕРОИЧЕСКИЙ
ЭПОС
КЫРГЫЗСКОГО
НАРОДА

IV
КНИГА

МАНАС

КЫРГЫЗ
ЭЛИНИН
БАА' Ь РДЫК
ЭПОСУ

V
КИТЕП

Ш
ШАМ БАС

3 (2
–23

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ

КОЙЧУЕВ Т. К. —
(башкы редактор),
АЙТМАТОВ Ч. Т.,
АКМАТАЛИЕВ А. А. —
(башкы редактордун орун басары),
МУСАЕВ С.,
ОРУЗБАЕВА Б. Ө.,
КАКЕЕВ А. Ч.,
ДАНИЯРОВ С. С.,
ҚЫДЫРБАЕВА Р. З.
КЕБЕКОВА Б.,
ШАРШЕЕВ Ш. Ш.,
АСАНКАНОВ А.

Китепти басмага даярдагандар:
С. Мусаев, Р. Сарыпбеков, Э. Абдылдаев.

Том басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

Бул китепти басмага даярдоодо техникалык, материалдык жана моралдык жардам көрсөткөн ЮНЕСКО уюмуна жана анын Генералдык директору Федерико Майор мырзага Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун жамааты ыраазылык билдирет.

М—23 Манас: эпос. Сагымбай Орозбаковдун айтуусу б-ча IV том.— Б.: Шам, 1997.— 612 б.

ISBN 9967-10-003-6

Кыргыз элинин улуу мурасы, улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосу мазмунунун кенендиги, баяндалган ой-түшүнүктөрүнүн терендиги, көркөмдүк деңгээлинин кол жеткис бийиктиги менен жалпы адамзаттык рухий казынада ардактуу орундардын бирин ээлеген уникалдуу көрүнүш. Аны окумуштуулар дүйнөсү өзгөчө орунга коюп, жогору баалашат.

Улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун варианттынын академиялык басылышы дүйнө элдеринин бул чыгармага кызыккан өкүлдөрүнө «Манастын» улуттук касиеттерин даасын көрүп, терең түшүнүүгө көмөк болмокчу. Эпостун тексттери толук түрдө биринчи жолу жарыяланып жатат. Бул төртүнчү китеп 3-китептин түздөн түз уландысы. Китепте Ала-Тоону душмандардан бошотуу окуясы улантылат.

М 4702306500
М 455(11)—97 75—1997

ББК 82,3 (2 Кы)

ISBN 9967-10-003-6

Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору.
«Шам» басмасы. 1997-ж.

КИРИШҮҮ ОРДУНА

Сагымбай манасчы айткан варианттын академиялык басылыш рынын төртүнчү китебине кирген окуялар үчүнчү китепте жарыялан окуялардын түздөн-түз уландысы. Окуялар ирээти менен, кыскарт суз, манасчы кандай айтып жаздырса ошол үлгүдө келе жатат.

Формалык белгилери жактан 4-китепке кирген материалдар 3- теп менен бир бүтүндү түзүп, бир эпизодго бириге т — Манас баа баш болгон кыргыздар аларга көмөктөш болгон башка эл-уруулар жардамы менен Ала-Тоону душмандардан бошотуу аракеттерине тат. Ушул эле окуянын уландысы эмдиги — бешинчи китептин да м мунун түзөт (3-китепке жазылган киришүүдө басма редактору байкабастыгынан так эместик кетирилген: китепти терип жатка техникалык зарылчылыктан «Киришүү ордуна» делген бөлүмчөд материалдарды анча-мынча кыскартууга туура келип, ошол ара учурунда бир кол жазма дептер — том экиге бөлүнүп, теңи үч 3-томго кирди делген ой бузулуп, жалпы эпизоддун окуялары эк бөлүнүп, теңи азыр берилди деген маңыздагы түшүнүк берилип кал Чынында кыргыздардын Ала-Тоону душмандардан бошоткон оку эки томго батпайт, үчүнчү томго да жайгаштырылат).

Бул китепке Кер-Көлдөн аттанганда үчкө бөлүнгөн кыргыз ко нун Кайып, Мунар баштаган бөлүгүнүн Кызарт аркылуу Жумга өтүп, андан Курткага барганы, ал жердеги калмактар, аларга ж дамга келген Алоокенин кошуну менен кармаштар жана Кайып, Үр Мунар өз колдору менен келип Чууда Акунбешимге каршы согуш жаткан Манаска кошулганы, баатырлардын качып кеткен Акун шаа артынан куун, Ташкенди көздөп бет алганы, Акунбешимдин өлү Ташкендин каны Панус жардамга көп кол аттантканы, калмак-кыт лар кеңешип жергиликтүү кыргыз, казак, өзбектерди кырмак болго Панус канга баш ийип келишкен жергиликтүү түрк тукумдары Кө төйдүн акылы менен Манаска кошулуп кеткени баяндалат.

Тексттерди айткан манасчы, албетте, Сагымбайдын өзү, ка катары кол жазмада Ыбырай Абдракманов көрсөтүлгөн. Бирок нускадагы кол тамгаларга караганда текст жазууга бери эле болго алты киши катышкан (биздин жоромол бул багыттагы атайын ил

дин талдоо жүргүзүү жолу менен аныкталган фактысына эмес, тек өзүбүздүн гана көз болжолу аркылуу тамгаларды чийүүдөгү айрым көрүнүп турган белгилерге таянып айтылып жаткан сөз. Бул ойду айтууда бир эле адамдын кол тамгасы жай жазган учур менен шашып тез жазганда бири-биринен айырмаланып калуусу мүмкүн экендикти да эстен чыгарбоо зарыл. Анын үстүнө текстерди жазууга катышкан адамдардын так санын белгилөө анча деле зарыл талаптан эмес. Кеп ошол жазууга катышкан адамдардын сабат деңгээлинде жана жазуу ыгында).

3-китепке кирген материалдарды кагаз бетине түшүрүү ишине да көп адам катышкан эле.

4-китептеги тексттерди басмага даярдоодо Кыргыз улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда 204-катар номер менен сакталган кол жазма дептер — том негиз катарындагы милдетти аткарды. Китепке кол жазманын 359-бетинен тартып, аягына —673-бетке чейинки жазылган материалдар бүт киргизилди. Шарттуу түрдө «Ала-Тоону душмандардан бошотуу» — деп аталган бир чоң эпизоддун калган уландысы өзүнчө дептерде. Ал дептердеги ушул эпизодго тиешелүү материалдар жыйырма миң сап ыр чамалуу. Ошол көлөм экинчи томго бүт киргизилгенде көптүк кылып батпай калбасын деп чочулап, баш жагынан азыркы китепке киргизүүнү туура таптык.

204-номерлүү кол жазма дептердин мүнөздөмөсү 3-китепте берилген эле. Ал маалыматтарды дагы бир жолу кайталоонун зарылдыгы жок деп эсептедик. Бирок 4-китепке кирген тексттерди кагаз бетине түшүргөн катчылар жөнүндө айрым байкоолорду эскерте кетүү артыкбаш болбос.

Ы. Абдыракмановго таандык кол тамга (башкаларга салыштырмалуу алганда бизге жакшы тааныш болгон жана жазуу ыгы да өзгөчөлөнгөн чийүү ушул) үч жолу кездешет. Бирок ал жазган тексттер көлөм жагынан салыштырмалуу аз. Басымдуу көпчүлүк материалдарды кагазга түшүрүүнү башка беш адам жүзөгө ашырган. Алардын аты-жөнү эч жерде көрсөтүлбөгөндүктөн адрестүү сөз айтуу кыйын. Көңүл буруучу белги ошол беш адамдын ичинде билим деңгээли, сабаттуулугу, ар бир тамганы так жаза билгендиги жактан болбосо да кыргыз сөздөрүн өз үлгүсүндө, айтылышы боюнча так жазгандыгы менен Ы. Абдыракмановдон да кыйла жогорку тепкичте турган адамдардын (биздин байкообузча алар экөө, айрыкча ушул томго кирген ыр саптарынын көлөмдүү бөлүгүн жазган бир адам өзгөчө бөлүнүп турат) бар экендиги. Ошону менен бирге эле чала сабат, дээрлик сабатсыз деп айтууга боло турган, бир да сөздү, эң эле жөнөкөйлөрүн да жөндөп жаза албаган адамдар да катчы катары ишке аралашыптыр (алар да экөө). Мисалы: кол жазманын 668-бетиндеги тексттерди жазган адам бир да сөздү туура жазбаптыр. Жада калса «кайдан» деген чийилиши эң жөнөкөй бир эле сөздү «кайдын», «кайдон» ж. б. түрлөрдө жазган. Адамдын оюна келбей турган үлгүдө жазылган сөздөр да бар. Мисалы: Башка катчылардын биринде да, адатта, ката кетирилбей турган үлгүдө жазылуучу жөнөкөй формадагы сөз «табылды» дегенди бул катчы «тгабылды» түрүндө чийген. Ошондой эле кол жазмалары

сулуу болгону менен 663—667-беттердин аралыгындагы тексттерди жазган катчы да сабаттуулук деңгээли төмөн болгондуктан көп учурларда сөздөрдү өз үлгүсүнөн өтө эле алыс түрдө бурмалап, же катаны көп кетирип жазат.

Сагымбай манасчы айткан варианттын академиялык басылышын басмага даярдоодо бүгүнкү күнгө чейин көп аракеттерге карабастан чечилбей келе жаткан орчундуу проблеманын бири кол жазмадагы жазылуулардын сүйлөө тилиндеги, же адабий тилдеги кабыл алынган үлгүлөрдөн айырмаланып, сөздөр бурмаланган үлгүдө берилиши. Андай көрүнүштүн себептери кеңири белгилүү жана бул багытта талаштартыш жок. Кеп ошол жазылууларды бүгүнкү окурмандарга туура чечмелеп берүүнүн оптималдык, эскертүүлөр көп талап кылынбаган ыгын-жолун табууда турат. Илимдин талабы боюнча академиялык басылыштарда түп нускадагы ар бир көңүл бурарлык белги, же сөздөрдүн туура эмес жазылышы ж. б. эскертилиши, текстологиялык иш жүргүзүлүү, түшүндүрмөлөр берилүү адаттагы көрүнүш. Бирок кыргыз орфографиясы иштелип чыгуу турмак ошол элдин тилинин өзгөчөлүгүнө ылайыкталган тамгасы да жок кездерде кагаз бетине түшүрүлгөн бул тексттерде так эмес чийилүүлөр өтө эле көп болуп, аларды чечмелөөгө берилген орун тексттерге караганда ашып кетип жаткандыгында, ушунун натыйжасында китептердин саны арбып, иш кечээндеп, анын үстүнө тексттерди басмага даярдоонун өзү да өтө эле татаалдашып кетүүдө. Эгер катчы бирөө болсо, же катчылар чийүү ишинде кандайдыр жалпы кабыл алынган ык, эрежелерге таянып, аларды сактоого аракет кылып жазса, эч курбаганда түрдүү катчылардын билим деңгээли чамаалаш болсо бардык катчыга таандык кандайдыр белги-көрүнүштөр жалпылаштырылып, ошол жол менен эскертүүгө киргизилген сөздөрдүн санын кыскартууга мүмкүнчүлүк туулат эле.

Катчылардын буга чейинки биз билгендердин ичинен сөздөрдөгү ар бир тамганы өз белгилери боюнча так жазганы жалгыз Ы. Абдыракманов. Ал кыргыз сөздөрүн көбүнчө казак, татар тилдерине окшоштуруп, чалып жазганы менен негизинен ар бир сөздү бир түрдүү, туруктуу мүнөздө берет. Демек ал жазгандарды классификациялап, жалпылаштырып, мүнөздүү белгилерин тактап көрсөтүүгө жана бир типтеги жазылыштарды чогултуп бир эле жерде, же кириш сөздө гана эскертип, калган учурда ошол ык боюнча окуп, эскертүүгө киргизилген сөздөрдүн санын кыйла кыскартууга мүмкүн. Бирок, ал пайдаланган ык башка катчыларга туура келбейт, катчылар көбүнчө туруктуу ыкты пайдаланышпайт, ал турмак бир эле жөнөкөй, кыргыздын төл сөзүн түрдүүчө жаза беришет. Натижада жалпыга таандык белги жөнүндө сөз да болууга мүмкүн эмес. Ошентсе да ушул томду басмага даярдоо учурунда буга чейинки тажрибаларды эске ала ички комментарияга берилүүчү сөздөрдүн санын азайтуу аракети көрүлдү. Бул багыттагы аракеттердин эң биринчиси бардык катчыларга орток белгини табуу мүмкүн болбосо да ар бир катчынын өзүнө тиешелүү ыкты ачуу жана ал жазган тексттер бүткүчө сөздөрдү ошонун өз ыгына карата окуу. Мисалы: бул томго кирген тексттердин көпчүлүк бөлүгүн жазган катчы кыргыз сөздөрүн негизинен бурмалабай, казак, татар

ж. б. тилдердин үлгүсүнө окшоштуруу аракетин көрбөй, өз угулушуна ылайык жазат. Бирок ал адам басымдуу көпчүлүк учурларда о, у, ө, ү тамгаларынын өзүлөрүнө тиешелүү белгилерин койбой, аралаш жаза берет. Натижада анын жазгандарында формасы боюнча бирин бири кайталоочу кош сөздөр да чийилиши боюнча так окулса экөө эки башка болуп калуу учурлары көп. Мисалы: катчы «уруп-уруп» — дегенди «ороб-уруб» түрүндө чиет (4150-сап ыр). Бул катчынын чийүүсүн өз белгилери боюнча так окуса кээде бир эле сөз өтө эле көп түрдө окулушу мүмкүн. Мисалы: 7 тамгадан турган бир каармандын атын улам кайталап жазган сайын катчы формалык белгилери боюнча башка-башка түрдө берип олтуруп 6 түрдө жазган. Чүкүрүк-Чөкүрүк (4040-сап), Чөкөрөк (4056-сап), Чүкөрөк (4116-сап), Чөкүрөк (4127-сап), Чүкүрөк (4130-сап). Катчынын жазуудагы ыгына караганда о, у, ө, ү тамгалары чийилүү белгилери боюнча эмес, сөздүн маанисине карата окулат. Бул ык тиешелүү жерде эскертилди жана ал катчы жазган тексттердин калгандары бүт ушул ык эске алынып окулду.

Ошондой эле айрым катчылардын жеке ыгына жата турган «к» (ки) тамгасынын ордуна көпчүлүк учурларда «г» (ги) жазуу учурлары, же сөз аягына «а» келгенде аны «э» менен берүү ж. б. эске алынып, алардын алгачкы үлгүлөрү жолуккан жерде гана түшүндүрмө берилип, калган учурлары туура үлгүсүндө окулду. Ушуга байланыштуу көңүлгө алып коё турган учур «к» (ки) тамгасы катышкан сөздү «г» (ги) аркылуу жазуу түпкү негизинде катчынын атайын ыгына да, сөздү белгилүү максат менен буруп жазууга да жатпайт, тек гана ошол сөздөрдү угулушуна карата кагаз бетине түшүрүүнүн бир көрүнүшү. Анткени көпчүлүк учурда оозеки сүйлөөдө сөз арасында «ки» тамгасы «ги» катары угула берет. Мисалы: «Адам уулу көрбөсүн ал өңдөнгөн жумушту» — делген эки сап ырды оозеки шыдыр айтканда «адам уулу гөрбөсүн ал өңдөнгөн жумушту» катары угулат. Текстти бул түрдө жазуу катчыдан кеткен кемчилик эмес, анын өз милдетин дыкаттык менен так аткаргандыгынын гана белгиси болмок.

Типтеш бир түрдүү жазылган сөздөрдүн ар бирин окууда ошол айрым тамгалардын өзгөрүлүп жазылышы, же бурмалануулар конкреттүү ушул сөздүн мазмунун өзгөртүп кетүүсүнө себепчи болуп, таасирин тийгизген эмеспи жана окулуудагы маани контексттин талабына так жооп берип турабы?— деген маселелерге айрыкча көңүл бурулду. Андай жана ар бир башка себептерге байланышкан учурлар сөзсүз эскертилүүгө киргизилип, тиешелүү түшүндүрмөлөр берилди.

Ар бир катчынын өзүнө таандык жеке ыктарын жалпылаштыруу аракетинен башка да көпчүлүк катчыларга бирдей таандык белгилерди табуу, аларды системалаштыруу аракеттери да улантылды. Мисалы: түп нускалардын алгачкы саптарынан тартып эле дээрлик бардык катчыларга бирдей мүнөздүү белгинин бири сөздөрдөгү кезиккен «п» тамгасынын ордуна «б» менен жазуу (айрыкча сөз аягында келүүчү «п» тыбышын «б» аркылуу берүү кеңири жолугат) — жаныб, күйүб, барыб, болыб ж. б. Тамгалардын мындай өзгөртүлүп жазылуусунан сөздүн маанеси өзгөрбөсө тексттерде эскертүүсүз эле туура үлгүсү берилди (сөз аягындагы «п» тыбышы «б» катары айтылуу жана угулуу

оозеки сүйлөөдө кеңири жолуккан көрүнүш. Демек, катчылардын жазууларындагы мындай белгини, чынында, ар бир сөздү угулушу боюнча жазуу аракетине таандыкташтырууга да болор эле). Оозеки сүйлөөдө «б» катары угулуп, жазууда «п» менен жазылуу талап кылынган сөздөр да эскертүүгө киргизилбей эле туура үлгүдө окулду. Мисалы: айтбаса-айтпаса, айтбады-айтпады ж. б.

Кээде сөз ортосунда келүүчү «п» тыбышы оозеки сөздө да «п» катары эле угуларына карабай катчылар «б» аркылуу жазган учурлар мааниси бузулбаса жана контексттин талабына туура келип турса туура үлгүдө эле окулуп, эскертүүлөргө киргизилген жок. Мисалы: чайбалыб-чайпалып ж. б.

Сүйлөшүүдө катар айтылган эки сөздүн арасынан бир тыбыш (көпчүлүк учурларда окшош үндүүлөр) түшүп калып, экөө бир сөз катары айтылуучу учурлардын биринчи жолуккан бир гана үлгүсү эскертүүгө киргизилип, калган учурларда бүт эскертүүсүз эле туура үлгүсү берилди (адатта андай тыбыш кыскартылып, эки сөз бирге айтылуудан сөздүн мааниси өзгөрбөйт). Мисалы: билалбай, же билелбай-биле албай, камыналбай, кылчаялбай, туралбай ж. б.

Катчылардын жазган тексттеринде «з» тыбышынын ордуна «с» менен жазуу, же тескерисинче «с» келүүчү жерде «з» менен берүү сыяктуу диалектилик белгилерге жатуучу учурлар арбын кездешет. Манасчыга таандык диалектилик белгинин тексттерде сакталып берилиши туура болор эле. Бирок эскерилген белги кимге таандык экендигин — жазылгандар манасчы айткан үлгүнүн так берилишиби, же манасчы айтканды катчы өз көнгөн адатына карата билгениндей жазганбы — так ажыратуу мүмкүн эмес. Ар бир катчы ар башка үлгүдө, кээде аралашкан түрдө жаза бергендиктен андай жазылуулардын кайсынысы кимге тиешелүүлүгүн, эң башкысы манасчынын айтканына ылайыкташканы кайсыл экендигин так белгилөө мүмкүн эмес. Ошон үчүн ал жазылууларды жалпы элде кабыл алынган үлгүгө жакын, бүгүнкү орфографиянын талаптары боюнча туура деп эсептелген түрдө, эгер бири бирине жакын тамгалардын алмаштырылып жазылуусунан маани өзгөрбөсө, же кандайдыр башка себептер болбосо эскертүүгө киргизбей эле туура үлгүдө берүүнү туура деп эсептедик (кысыл-кызыл, асыр-азыр, сар-зар, сас-саз ж. б. у. с.)

Кээде айрым катчылар бир эле сөздү көп жолдору «з» аркылуу жазып келип, анан эле «с» менен жазууга өтүп кетүү учурлары да кездешет. Эмненин таасири, же кандай себеп менен катчы мындай ишке баруусун тактай албадык. Балким алгач катчы өз билгениндей жазып келип, анан манасчынын айтуусу башка экенин байкай калып, укканын так жазуу аракетинен ушинтти дешке болор эле (же анын тескерисинче адегенде манасчы айтканды так жазып келип, бара-бара өз көнүмүшүнө өтүү да ыктымал нерсе). Ушул жоромолду таяныч кылып алганда да катчы жазгандардын кайсыл үлгүлөрү анык өзүнүкү, ал эми кайсыларды манасчы айткандай так жазган деген сурооо жооп берүү мүмкүн эмес. Мисалы: ушул китепке кирген тексттердин эң алгачкыларын жазган катчы «жүз» деген сөздү 2-, 104-, 105-саптарда «жүз» түрүндө жазып келип, анан эле 291-ыр сабында «жус» (жус он

миңи журибтир) — деп жазат. Андан нары жазгандарында ушул эле сөз бирде «жүз», кээде «жус» түрүндө аралаш учурай берет. Катчынын өзүнүн ким экендиги да такыр белгисиз болгондуктан мындай эки анжы берилүүгө байланышкан жоромол айтууга да кыйын. Балким катчынын жазуулары кандайдыр максаттуу, ойлонулган аракеттин натижасы эмес эле, анын сабат деңгээлине байланыштуу болушу да ыктымал.

Созулма үндүү келүүчү сөздөрдү катчылардын көпчүлүгү, адатта, бир эле үндүү аркылуу жаза беришет. Ушундай көрүнүштүн тексттердеги биринчи жолуккан үлгүсүнө гана эскертүү берилип, калган учурлары (маани өзгөрүп кетүүчү жерлерден башкалары бүт) эскертилбей эле туура үлгүдө окулду жана берилди. Мисалы: куб-кууп, коро-короо, тиштер-тиштээр ж. б.

Оозеки сүйлөөдө бир түрдө үгулуп, жазылышы ага караганда айырмалуу берилүүчү айрым сөздөр бир гана жерде алгачкы жолуккан үлгүсү эскертилип, калган учурларда ошол типтеги сөздөрдүн баары тең эгер контексттеги маани даана берилип турса жана сөздүн үгулушу менен туура жазылышынын ортосунда маани жактан айырма чыгып калбай турган болсо эскертүүгө киргизилбей эле туура үлгүсүндө окулду — бүгүнкү орфографиялык эрежелердин талабына ылайык жазылып берилди. Мисалы: жүктеген-жүктөгөн, күңгей-күңгөй, төөгетөөгө ж. б.

Үңгүга мүчө уланганда үңгү менен мүчөдөгү үндүү-үнсүздөрдүн катталаң-жумшак, жоон-ичке болуп бири-бирине ылайыкташып туруу — ээрчишүү ыктарынын бузулуп берилген учурлары эскертүүгө киргизилбей эле бүгүнкү орфографиялык эрежелерге туура келүүчү үлгүдө окулду жана берилди. Мисалы: сыртда-сыртта, ташдын-таштын, жатган-жаткан, атдар-аттар ж. б.

Оозеки сүйлөөдө айрым сөздөрдүн аяккы (кээде сөз ортосунда да) тыбышы жазылуудагы туура үлгүсүнө жараша үгулбай, башка тыбышка жакын, же эки тыбыштын ортосундагы тыбыш катары күдүк үгулган учурлар кезигет. Мисалы: ыр сабынын ичинде башка сөздөр менен катар эпостун өз обону аркылуу шыдыр айтып аткарганда «суңшоону» деген сөздүн аягындагы «у» тыбышы «ы» катары айтылышы, же ошого жакын болгон «у» менен «ы»нын арасындагы күңүрт дабыш чыгышы — үгулушу мүмкүн. Же ошондой эле «үгулбай» — деген сөздөгү экинчи «у» тыбышы «ы» катары да үгула берет. Адатта ошол үгулуш үлгүсүндө жазылуудан сөздүн маани-маңызы өзгөрбөйт, демек сөз ыр тутумунда турганда контексттин талабына зыяны тийбейт. Чынында андай жазылууларды бурмалоо, же туура эмес жазуу дегенге караганда ар бир сөздүн үгулуш үлгүсүн так берүү далалатынын өзүнчө көрүнүштөрүнүн биринен деш да жөндүү болор эле. Тексттерди окуганда азыркы ар бир сабаттуу адам үчүн андай жазылган сөздөрдүн туура үлгүсү кайсыл түрдө болоору даана билинип турат. Ушуну эске ала ушул түрдөгү жазылгандардын алгачкы жолуккан айрымдары гана эскертүүгө киргизилип жана алардын мындан нары кандай окулары белгиленип, калган учурларда туура үлгүсүндө берилди. Мисалы: койнына-койнуна, мойнына-мойнуна, шоркыраб-шоркурап, коркыраб-коркурап, колы-колу, чуркыраб-чуркурап, буркыраб-буркурап, суунын-суунун, ойына-оюна, бойына-боюна, кокты-кокту, бурчынан-бурчунан, журтынан-журтунан, урыш-уруш, ушылар-ушулар, куйругун-куйругун ж. б. у. с.

Катчыларга жалпы мүнөздүү белгилерди табуу, айрыкча ар бир катчынын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн аныктап, тексттерди окууда ошол ыктарды эске алуу аракеттеринин натижасында бул томдо эскертүүгө киргизилген сөздөрдүн жалпы саны бир топ эле кыскарды. Ушунун эсебинен китептин көлөмүн башка томдорго чамаалаш өлчөмдө сактоо менен, ага киргизилген тексттердин саптык санын бир кыйла көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Жалпы эле бул багыттагы аракеттер мындан нары да улантылары — ар бир жаңы китепке колдон келишинче тексттерди көбүрөөк сыйгызуу аракети көрүлөрү күмөнсүз. Албетте, ошол эле учурда томдордун илимий кызыкчылыктын талабына жооп бererлик деңгээли да төмөндөбөө дайым эсте тутулары өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Бул китепке жаңы — кийинки кол жазманын башынан тартып анча чоң эмес үзүндү киргизилди.

Кол жазма мурдагы китепке түп нускалык милдетти аткарган дептер томдун түздөн түз уландысы, мурдагы томдун катар номери 204 эле, азыркысыныкы 205. Бирок жаңы кол жазманын форматы кичирээк, анын үстүнө көлөмү да мурдагыга караганда салыштырмалуу чакан — 393 бет. Бул кол жазманын дептери да сызыксыз ак кагаздан колго жасалып, жип менен тигилип бириктирилген, картон менен мукабаланып, өзүнчө дептер — томдун үлгүсүнө келтирилген. Тексттер ар бир баракты эки бетине, ыр саптары эки колонка түрүндө, ыр саптарынын жуп сандагылары бир, так сандары өзүнчө колонкада жазылган. Биринчи колонканы 1—3—5—7 ж. б. сандардагы ырлар, экинчисин 2—4—6—8 ж. б. сандардагы ыр саптары түзөт. Ар бир бет катар номер менен белгиленген. Алар экөө, бүт тексттер жазылган сыя менен, экинчиси кара карандаш менен коюлган. Кара карандаш менен беттөө кийин иштелсе керек. Картон мукабанын сыртына төрт чарчы агыш көк кагаз желим менен чапталып, ага бүгүнкү биз пайдаланган тамгалар менен С. Орозбаков, «Манастын экинчи казаты» деген сөздөр жазылган. Бул кол жазма дептерге берилген официалдуу аталыш. Дептер ушул наам менен катталган жана кол жазмалар фондусунда сакталат. Төрт чарчы көк кагаздын аягыраак жагына тил жана адабият институтунун атайын иш кагаздары үчүн арналган тегерек штампы басылып, анын ичине кол жазма дептердин катар номери —205 жазылган. Дептердин илгерки коюлган катар номери 5. Мукабанын ичиндеги биринчи барак жука ак кагаз. Бул кол жазманын өз кагазы эмес, негизги барактарга жабыштырылып коюлган. Ал барактын 1-бетине кызыл карандаш менен кашаага алынып жазылган («оргинал») — делген сөз бар. Экинчи бетине кара сыя менен «мазмуну» — делип алды сызылып тема жазылып, андан ылдый булар жазылган:

1. Манас баатыр Ташкендеги Панус канга аттанганы — 1—28.
2. Көкөтөй колу менен Манаска кошулушу — 28—39.
3. Манас баатырдын Панус канды жеңгени — 39—175.

4. Ташкен калкынын мусулман болушу жөнүндө — 175—245.
5. Панус кандын бутканасын жыкканы — 245—251.
6. Манастын Кыйтуучаны өлтүрүшү — 251—423.
7. Манастын кайта Алтайга кайтышы — 423—496.

Китептин мазмуну катары көрсөтүлгөн сөздөр араб тамгасы менен жазылган, кол тамга Ы. Абдыракмановдуку. Сөздөр катасыз, бурмалоосуз, так, кийинки реформаланган алфавит менен жазылган. Кол жазма дептердин 1-бетинин жогору жагына «4-бөлөгү» арап тамгасы менен), андан төмөнүрөөк ошол эле тамга менен 2-казат (сөздөр тырмакчага алынган), Ташкен, Наманген жерлерин каратканы. Айткан Сагымбай Орозбак уулу, жазган Ы. Абдыракман уулу, Нарын, Атбашы, Акталаада, 23-жыл» — деген жазуулар бар. Баракты аяк жагында 1939-, 1946-, 1956-жылдарда штамп басылып даталар көрсөтүлгөн кол жазманын каттоодон өткөн белгилери жайгашкан. Бул баракгын экинчи бети актай. Тексттер башталып жазылган 1-баракка (дептердин 2-барагы) 2 деген катар номер коюлган (кара карандаш менен).

4-китепке бул кол жазманын башынан тартып 72-бетине чейинки тексттер киргизилди, жалпы көлөмү 2794 сап ыр. Кол жазманын калган материалдары 5-китептен орун алат.

Китепке материалдарды жайгаштыруу ыгында мурдагы китептерден айырма жок: алгач тексттер, ага улай ички ыр саптары боюнча берилүүчү комментариялар, андан кийин тексттеги айрым сөздөрдүн катчылар тарабынан жазылышы, илимий комментариялар жайгаштырылды. Адам аттары, эл-уруу аттары, жер-суу аттары ар бири өз-өзүнө алфавиттик тартип менен берилди. Ал эми китепке кирген окуялардын мурда жарык көргөн үлгүлөрүнүн кыскача мүнөздөмөсү, ошондой эле элге кеңири белгилүү башка манасчылардын варианттарындагы ушул китепке кирген окуялардын кандай мүнөздө баяндаларын кыскача кабарлоо китептин аяк жагынан орун алган.

Китептеги материалдардын орун алуусунда принципиалдуу айырмачылык болбогону менен ар бир материалдын берилүү ыгын, ички-сырткы сапаттык деңгээлин, пайдалануудагы ыңгайлуулугун арттыруу аракеттери көрүлүүдө. Бул багытта бизге кайрылган, кеп-кеңеш, сунуштарын айткан ар бир адистин, илимдин түрдүү өкүлдөрүнүн, окурмандардын ой-пикирлери эсепке алынууда. Ушул максатта тексттерде ай айрым сөздөрдүн катчылар тарабынан бүгүнкү айтылышынан, же сазылышынан айырмалуу түшүрүлгөн үлгүлөрүнүн мисалдарын каалаган адам таап алууну жеңилдетүү максатында ар бир киргизилген сөздөр кайсыл ыр сабында экендиги ыр сабынын катар номери кашаага алынып берилүү аркылуу көрсөтүлдү. Түп нускадагы кууга татаал сөздөр, же өчүрүлгөн, башка сөздөр жазылган, кандай-ыр белгилер коюлган, кийин киргизилген тексттер жазылган жерлерди өзүлөрү көргүсү келген адамдар оңой таап алууну жеңилдетүү максатында ошол маалыматтар жөнүндө эскертүүлөр берилген ички, сап боюнча комментарияларда түп нусканын бети кашаага алынды. Бул белги аркылуу өзүн кызыктырган маалыматты таап алууга болот.

Мурдагы китептерде этноним, топонимдер, адам аттары китептин ошол маалыматтар орун алган беттери көрсөтүлүү аркылуу берилген эле. Бул китептен тартып ар бир топоним, этноним, каармандардын аттары тексттердеги ыр сабынын катар номери аркылуу белгиленди. Мындай ык, биринчиден, каалаган маалыматты убара болбой таап алууну жеңилдетсе, экинчиден, ошол маалыматтардын толук болуусун, сапатгуулугун, тактыгын камсыз кылат экен. Анын үстүнө ушул ык аркылуу типография менен биздин арабыздагы мурдатан келе жаткан «чырдуу» талаш жоюлду. Эл, уруу, жер-суу, адам аттарын түзгөн тизмени басмага берилүүчү кол жазманын беттери боюнча даярдаганда андагы көрсөтүлгөн беттер терилгенден кийин өзгөрүп кетип, аларды оңдоо көп убакытты, кайта терүүнү талап кылчу эле. Ал эми бул ишти китеп терилгенден кийин иштөө өтө шашылууга дуушарлангандыктан иштин сапатына көп учурларда терс таасирин тийгизүүчү. Ар бир топоним, этномим, адам аттары ыр сабынын катар номери менен көрсөтүлүү бул тиркемелерди да башка бөлүмдөр катары эле шашпай, тыкаттык менен, бүт китепке кирчү материалдарга кошуп чогуу даярдоо мүмкүнчүлүгүн түздү.

Ушул жерде көңүлгө алып коюучу бир учур — китептеги окуяларда, жалпы эле тексттер арасында эскерилген адам аттарынын аркалаган жүгү, аткарган милдети, мүнөзү жактан бир түрдө эместиги. Мисалы, бардык эле аты аталган адамдар каармандык милдет аткарып, эпостун окуяларына катыша бербейт, ал гана турмак эпоско, анын окуяларына эч тиешеси жок ысымдар да жолугат. Эпостогу окуяларга катышкан, же тиешеси бар адамдарды ордуна, аткарган милдет-жүгүнө жараша жалпы жонунан каармандар деп атап, ич ара эпизоддук, белгилүү, негизги, башкы каарман түрүндө сыпаттоого болору өзүнөн өзү түшүнүктүү нерсе. Бирок варианттын тексттеринде Мукамбет мустапа байгамбар, анын ата-теги, жакын адамдары, көптөгөн башка байгамбарлар, ыйык-касиеттүү деп эсептелген белгилүү ысымдар, ал эле эмес манасчынын өзү, тексттерди жазып жаткан катчыга чейин аты аталып, эскерилет. Андай мүнөздөгү ысымдарды каарман деп атоого мүмкүн эмес. Бирок ошону менен бирге эле аларды чыгарманын окуяларына катышпайт деп тизмеге кошпой коюу да туура болбос эле. Ушул абал эске алына китептеги окуяларда эскерилген адам аттарынын тизмесине тексттерде жолуккан бардык ысымдар киргизилди, бирок сыпаттамада алар эки топко таандыкташтырылып, каармандык укукка ээ эмес ар бир ысымдын өз тек-жайы, кимдиги чечмеленип берилди. Ал турмак каармандардын катарына кирүүчү ысымдардын да көбүнүн окуялардагы алган орду конкреттештирилип, аткарган ролу мүмкүн болушунча так берилүү аракети көрүлдү. Окуяларга түздөн түз тиешеси жок ысымдар, айрыкча тарыхта белгилүү болгон инсандар, же легенда, уламыш, диний китептерде учураган адам аттары аларга эпостогу манасчы берген маалымат-сыпаттамага ылайык түшүндүрүлдү. Андай сыпаттама ошол ысымдын жалпы кабыл алынган, илимге белгилүү мүнөздөмөсүнө туура келбей калышы да мүмкүн. Андай эки ачалыкты — так эместикти талдоого алып, туурасы кайсыл экендигин чечмелеп берүү илимий комментариянын иши. Ал эми адам аттары тизмесинде ар бир ысым ошол адамды манасчы тексттерде ким деп бергенине — ким катары түшүнгөнүнө жараша аталды. Ошондой

эле ысымдар да туура, же туура эместиги тергелбей, варианттын тексттериндеги үлгүдө берилди. Мисалы: Искендер манасчынын чечмелеп түшүндүрүүсү боюнча байгамбарлар менен ыйыктардын бири, анын ысмы ошолордун арасында аталат. Же Мукамбет мустапанын теги, уругу, жакындары, жардамчылары аттары такталбай, эпостогу аталышында жана кимдиги да манасчы берген маалымат-мүнөздөмөгө ылайык берилди (өзгөртүүлөр киргизүү эпостун текстине кийлигишүү аракети катары түшүнүлүп калар эле).

Варианттагы окуяларга катышкан каармандарга кеңири сыпаттама берүү, жалпы эле эскерилген ар бир тарыхый, легендалык, диний ысымдарды чечмелеп түшүндүрүү, эпостогу ролу менен илимге белгилүү жалпы кабыл алынган маалыматтардагы орду бири бирине канчалык шайкеш келерин, же айырмаланарын белгилөө планыбызда бар, өз кезегин күтүп жаткан маселелерден.

Бул китепке берилген илимий комментарияларда айрым уруу, эл аталыштарын, ошондой эле жер-суу аттарын чечмелөө аракеттери улантылды. Айрыкча манасчы өзү жер-суу аталыштарына берген түшүндүрмөлөрдүн жөнүнө көңүл бурулду. Бирок эпосто эскерилген бардык эл, уруу, жер-суу аталыштарын бүт талдоого алуу аракети көрүлбөсү өзүнөн өзү түшүнүктүү нерсе. Бул багыттагы аракеттер азырынча тандамалуу мүнөздө. Улам кийинки китептерде, ылайыгына жараша, аракет улантылат жана багыт кеңейтилет.

Китептеги тексттерди басмага даярдоо, ички комментарияларды түзүү, текстологиялык иштер жүргүзүү, илимий тиркемелерди даярдоо С. Мусаев тарабынан жүзөгө ашырылды. Илимий комментариялар Р. Сарылбеков, Э. Абдылдаев тарабынан даярдалды.

Тексттерди басмага даярдоодо даярдалган кол жазмаларды машинкага сапаттуу басып, натижада ишке чоң көмөк көрсөткөн Курманалиева Асылга ыраазычылык билдирип коюу милдетим деп эсептейм.

С. МУСАЕВ

ТЕКСТТЕР

Бармак Күлтка элине,
Жүз[1] мин аскер* жабылды
Ара-Тоонун[2] белине.
Бара турсун[3] көй* баатыр[4],
«Барабыз — деп, Күлткага»[5]
Бапылдашып баратыр.
Эң аягы Кызыл-Суу[6],
Кайып кан кирген жолу[7] бу.
Кайып кандын кашында
Сексен мин аскер кол* экен,
Тар капчыгай жол экен,
Күлткага[8] караган
Адалаң деген зор[9] экен,
Терс-Суунун ичи[10] дээр экен,
Адаланга караган
Алтымыш мин эл экен.
Алты жерде шаары[11] бар,
Ар шаары он миңден,
Аярлардын* баары бар.
Баш кылып[12] Бадаң аярды
Адалан буйруп[13] салыптыр,
Алты жүз аскер алыптыр,
Кызгылтым[14] аккан суусу[15] бар,
Кызыкты көрдү[16] ушулар[17],
Таш капчыгай тоосу[18] бар,
Тар капчыгай коосу[19] бар.
Оозуна[20] жакын барыптыр,
Обологон[21] бир сарай
Жолун[22] бууп[23] салыптыр.
Туура турат көлдөлөң*,
Жолду[24] бууп[25] там салган,
Сонунду[26] мындай көрбөгөн[27],
Узундугу[28] кырк кулач,

Үстү[29], түркүк[30] баары таш,
Карагайдын түбүндө[31],
Карап турса түрүнө[32]
Адам айран калгандай.
Айнекте жакут* ташы[33] бар,
Асманга жакын башы бар.
Накышын* жубар*[34] ойдурган,
Алтындан безеп* койдурган[35],
Күмүштөн[36] эшик жабылган,
Күсөгөнү[37] табылган,
Карап турса көз талат,
Көргөн[38] адам таң калат.
Токсон[39] түрлүү[40] кубулган[41],
Тындап турса кулакка[42]
Жүз түрлүү добуш[43] угулган[44].
Сарайды көрүп[45] алганы,
Кайып кан баштап карысы,
Калың аскер баарысы
Айран-азыр калганы:
«Салтанаты далай — деп,—
Тар капчыгай, куу жолго
Кандай салган сарай? — деп,—
Бөөдө*[1] жүрбөс[2] бу жерге
Бекер сарай болбос[3] — деп,—
Ичине кирген адамдын
Ичпей канын койбос»[4] — деп,
Кайып кан айтып салганы,
Кайып кандын колунда[5]
Таскыл деген аяры
Атынан түшө[6] калганы.
«Сээри* болсо[7] билем — деп,—
Сел агызып ирем» — деп,
Аярда андай ким экен,
Аскери сексен миң экен.
Кайып канын баш кылып,
Баскан жолун таш кылып,
Чыгарды төонун[8] башына,
Аяр Таскыл барыптыр
Аккан суунун[9] кашына.
Апсун*[10] окуп[11], дем салды*,
Акпай[12] суусу тим калды,
Аскери тоодон[13] көз салды,
Суу токтолду[14], көл болду[15],
Туш-туштун[16] баары эл болду,
Сууну[17] тосуп[18] токтоткон[19]
Бир кара кайкак бел болду,
Жарым күндөй[20] турганда
Алнги Таскыл не болду?

Капчыгайы карк толуп[21],
Кара деңиз[22] көл болуп[23],
Баш-аягы бир кулач
Таяк жыгач алыптыр,
Таскыл демин салыптыр,
Алиги жыгач жооноюп[24],
Кучак болуп калыптыр.
Апсун окуп турганы,
Ал жыгачты көтөрүп[25],
Көлдү[26] көздөй[27] урганы.
Көл жарым күн токтолгон[28],
Жыгач барып тийгенде
Кара кайкак жок болгон[29].
Добуш[30] чыкты аркырап,
Алиги турган сарайды
Сел каптады шаркырап.
Каптады сел күркүрөп[31],
Көргөндүн[32] бою[33] дүркүрөп[34].
Төбөсүнөн[35] сарайдын
Түтүн[1] чыкты буркурап.
Сарай акты быркырап,
Алты жүз элүү[2] аскери
Төрт[3] жүзү[4] бөлөк[5] кетиптир,
Жолдошу[6] эки жүзүнө[7]
Аныкажал жетиптир.
«Лайламалуу»*[8] — деп,
Агып кетти чуркурап[9],
Селге кошо[10] кетиптир,
Алиги сарай нетиптир?
Сээр экен, жок болуп,
Сууга кошо кетиптир.
Жок болуп сарай алыптыр,
Созулган[11] бир сулуу[12] кыз
Орунунда[13] калыптыр.
Жондо[14] жүргөн көп аскер:
«Кызык болду ушу»[15] — деп,
Кызга жетип барыптыр.
Кыз[16] үшкүрүп[17] дем салып,
Карайлады баарысы,
Каранғы түшүп[18] калыптыр.
Сексен миң аскер акырып,
Бири-бирин биле албай[19],
«Кайдасың? — деп, бакырып,
Капчыгайдан чакырып,
Айгайды алар салыптыр,
Эл ошентип жатканда
Бадаң аяр кашына
Таскыл аяр барыптыр.

Кыз болуп турган Бадаңга
Күрсүнү*[20] күчтүү[21] салыптыр,
Күрсү[22] тийип Бадаң кыз
Күл-күл болуп калыптыр.
«Каапыр аяр нетти — деп,—
Кайсы жакка кетти? — деп,
Таскыл карап туруптур[23],
Башы үйдөй[24] дөө*[25] болуп,
Баданды кудай уруптур[26].
Жаткан төөдөй[27] таш алып,
Таскылды Бадаң уруптур.
Таш күркүрөп[28] жеткени,
Кара куйрук[29] куш болуп,
Таскыл учуп кеткени.
Ташы жерге тийгени,
Арстандын сүрөтүн[30]
Алиги Таскыл кийгени,
Акырган бойдон[31] Бадаңга
Таскыл барып тийгени.
Бадаң турган дөө* болуп,
Эки жүзүн[32] өлтүртүп[33],
Бети кара көө болуп.
Өнөрүн[1] Таскыл салганы,
Кара чаар шер болуп,
Качырып жетип барганы.
Аны көрүп Бадаң дөө[2]
Ажыдаар* болуп арбады,
Ал ажыдаар болгондо[3]
Таскыл барып Баданды
Арстан* болуп кармады,
Жан-жагында мусулман*[4]
Жабылып жетип барганы,
Ышкырганда ажыдаар
Жан-жагынын баарысын
Жалын кылып салганы.
Жакын келген мусулман
Жаа* Алдалап* чуркурап,
Кайра качып калганы,
Алтымыш төрт мусулман
Ат-тону[5] менен жанганы.
Таскыл аяр күчөптүр[6]
Сээр окуп, дем салып,
Бадаң аяр жүдөптүр[7],
Жүдөбөсө[8] неткени —
Эки көзү[9] тең агып,
Кара суу болуп кеткени.
Ажыдаар болуп туруптур,
«Ажыдаар болсоң[10] мына! — деп,

Таскыл кылыч уруптур.
Кылыч тийди белине,
Эки бөлөк бөлүнүп[11],
Кылым журт кыргын тапкандай
Кызыл кан аккан селине.
Азыр Таскыл байлады,
Ажыдаар болом[12] — деп,
Баданды шору[13] кайнады,
Сексен миң жүргөн көп аскер
Селдей каптап барганы,
Баданды мыктап байлады,
Сүйлөөдөн[14] тили калганы.
Айтуу сөзгө келтирбей,
Алкымга тилин байлады.
Сүйрөтүп[15] аны алганы,
Азыраак жерге барганда
Казан арткан кара өгүз[16]
Каршы учурап[17] калганы,
Алалы деп өгүздү[18]
Ат коюшуп[19] барганы,
Аламандап беш-алтоо[20]
Чүлүгүнөн[21] кармады.
Өгүз туйлап өкүрдү[22],
Кармагандар өкүндү[1],
Кадыр* Алда өкүмү[2].
Өкүмү эмей неткени,
Короо ордундай[3] бир жери
Жанып-күйүп[4] кеткени.
Өгүз, казан жок болду,
Өгүз турган жерине
Бир кызыл түлкү[5] токтолду.
Качты түлкү токтобой[6],
Карматуучу[7] окшобой[8],
Аскер кууду[9], жабылды,
Арасынан аскердин
Алтын каргы кер тайган
Азыр болуп табылды.
Адырга кууп жеткени,
Жетип тиштээр кесинде,
Жергуйга* кирип кеткени,
Кайып кан баштап карысы,
Калың аскер баарысы
Артынан жетип барышты.
Ийинге түлкү кириптир,
Көпчүлүк[10] ыштап[11] ийиптир,
Ак тикендин түтүнү[12]
Үңкүргө[13] кирди бүтүнү[14],
Какап-чакап бу түлкү,

Кайра чыкты куу түлкү.
Тайган болгон Таскылы,
Чыга түшкөн түлкүнү[15]
Чыркыратып басканы.
«Бейкут жатат мандайда
Дуу-ду* Култка[16] каныбыз*,
Ак-Мазардын башында
Алтымыш төөгө жүктөгөн
Алтын, күмүш[17] зарыбыз*,
Ар жагы Соң-Көл жайлоодо[18]
Алты миң жылкы малыбыз,
Анын баарын[19] алыңыз.
Кыйнабагын жанымды,
Кетирбегин санымды,
Кайып кан менен Таскылдан
Тиленем кашык[20] канымды?!»
Аны айтып Бадан салганы.
«Чыгараарсың чыныңды,
Айтаарсың, түлкүм, сырыңды»
Кайып кан сүйлөп калганы[21].
«Айтпаса жерге кирсин!» — деп,
Эр Таскыл өчүн[22] алганы,
Терисин союп[23] тирүүлөй[24]
Тумшугуна[25] барганы.
«Жерден чыккан суусу бар,
Суудан чыккан буусу[1] бар,
Кыдырата жары бар,
Кырк атанга жүктөгөн
Ошо суунун астында
Кызыл алтын зары бар,
Адаландын ошондо[2]
Дүйнөсүнүн[3] баары бар».
Шол сөздү[4] айтып салганы,
Кайып кандын иниси
Кошо турган[5] Кошумбек
Сүйлөп[6] турган түлкүнүн[7]
Мурдун[8] кесип алганы.
Кыйкырганда бу түлкү
Кырк күндүк[9] жерге угулду[10],
Кыжылдап турган калың кол
Баары атынан жыгылды.
Дүйнө[11] жүзү дүңгүрөп[12],
Жер чайпалып күңгүрөп[13],
Чакыр-чукур[14] чаң болду,
Адамдын баары таң болду.
Күн батыш менен[15] күн чыгыш
Түшкөндөй болуп жашылды*
Көк жаңырып басылды.

Катқырып[16] Таскыл күлүптүр[17],
Кыйын аяр өлдү[18] деп,
Кылымдын баары билиптир.
Кароолго[19] барган Баданды —
Даңгытты[20] Таскыл алганы.
«Карайлатты, кызталак*,
Катышпай туруп[21] жоого[22] — деп,-
Камалдык капчал* тоого»[23] — деп,-
Калк сүйлөшүп[24] салыптыр.
Ал калмакты жоготуп[25],
Акыры кыргыз алыптыр.
Каапырга мүлүк[26] салыптыр,
Бадан тоскон[27] капчыгай,
Акыр заман* журтуна[28]
Аты Кароо[29] калыптыр.
Токсон миң чыгып аскери
Тоону[30] түптөп[31] алыптыр.
Жүз[32] он миңи жүрүптүр[32],
Сыртта жаткан малчысын
Суншоону[33] көздөй сүрүптүр[34].
Ача-Таштын белинен,
Аябай алып олжону*[35]
Анжым калмак* элинен,
Кытайларын кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып,
Каапыр* качып шашыптыр,
Калың аскер мусулман
Бет-бетинен ашыптыр.
Качкындан кабар алыптыр,
Дуу-ду Култка[1] камданып,
Даярданып калыптыр.
Оболу[2] Култка барыптыр,
Орго[3] шаага болушуп[4],
Кер-Көлдө уруш[5] салыптыр,
Кылыч тийип мойнуна,
Кан төгүлүп[6] койнуна,
Өлөрчө[7] болуп калыптыр,
Самын аяр дегени
Сайдан таап келгени,
Каны чыгып шоркурап,
Алты күнү[8] суу татпай,
Өлөрчө болуп коркурап,
Ала качып аяры
Алып келген жерине,
Аран жеткен элине,
Али да кулак салынар
Аңгемелүү[9] кебине.
Үйүнө[10] тогуз[11] конгондо[12],

Онунчу[13] күн болгондо
«Манастын колу келди — деп,—
Кыргын салды элди — деп,—
Кыргыздан кошун* келди — деп,-
Арсы жаң-жуң өлдү — деп,—
Чекилдекте аскерди
Кыргыз — бөрү[14], калмак — кой,
Туш-тушуна бөлдү!»[15] — деп,
Байкагандар таң болуп,
Башы-көзү кан болуп,
Колу сынып колтуктап[16],
Аягы аксап сылтыктап,
Култка дуу-ду үстүнө[17],
Карагыс адам түсүнө[18],
Качкындар барды чуркурап,
Мунар десе булардын
Оозунан[19] түтүн буркурап.
Ала-Баштын сазынан,
Кайып кандын кашынан,
Элүү[20] миң аскер алыптыр,
Туура-Суунун оюна,
Кер-Көл Ата* боюна
Келип кыргын салыптыр.
Коңулчусун*[21] койбогон[22],
Коктуларын бойлогон[23],
Булуң менен бурчунан,
Туңшаң калмак журтунан,
Даңсар кытай элинен,
Кочкордун[24] Семиз-Белинен
Урушканын кырыптыр,
Өкүмүнө[1] көнгөнүн[2]
Өзүнө[3] жолдош[4] кылыптыр.
Ой-тоого кыргын салыптыр,
Отуз миңин ээрчитип,
Мусулман кылып алыптыр,
Сексен миң аскер кол менен[6]
Арсыга уруш салыптыр.
Чекилдектин тушунда,
Арсынын шаары ушунда —
Туура-Суунун оюнда,
Кара-Кочкор[7] боюнда
Калдайып жаткан[8] тамы бар,
Карарып жаткан шаары бар,
Каалагандын баары бар,
Сексен миң аскер Мунар кан
Ушуларды көргөндө[9]
Сезбей турган кандай жан!
«Эл четине чыгам — деп,—
Эрегишкен душманды
Эгер койбой[10] жыгам!» — деп,
Отуз миң аскер алыптыр,
Отогосун*[11] сайынып,
Арсы жаң-жуң барыптыр,
Кара-Дөбө[12] сыртында
Калдайып жатып калыптыр,
Кара-Күнгөй сеңирден
Кароолдоп көрүп алыптыр,
«Каапырдын колу жатыр — деп,—
Кандай кылсак баатыр?» — деп,
Мунарга айтып салыптыр.
«Бура тартпай качыр!» — деп,
Дагалактын Мунар кан
Буйрук[13] айтып калыптыр.
Кара-Күнгөй сайынан,
Токтоп[14] турган жайынан
Ат которуп минишип,
Чопкут*[15] менен соотту*[16]
Тон сыртынан кийишип,
Чабуул чапчу аттарын
Көкүлдү[17] көккө[18] түйүшүп[19],
Куйругун жерге сүйүшүп[20],
Жаракты камдап[21] алышты,
Сайдан чыгып, кырк миңи
Чабуул коюп[22] калышты.
Чаң созулду[23] буркурап,
«Жаа Алдалап!» — чуркурап,
Ат туягы тийген таш
Асманга учту дыркырап,
Камына албай калмактар,
Кылчая албай кытайлар,
Качып берди быркырап.
Мылтык атып тарсылдап,
Добул*[1] кагып карсылдап,
Жебенин огу[2] шартылдап,
Мандай тоону бет алып,
Баары качты талпылдап.
«Мөндү!»[3] — деп, калмак жөнөлдү[4],
Кыйкырып алып, кырк миң кол
Артынан түшүп өмөлдү[5].
Суу боюна сулайтып,
Сур чепкен менен булайтып,
Качып калган каапырлар
Кара-Сууга камалды,
Камалгандын кыйласы
Кара жерге жамалды,
Жамалбаса неткени —

Чабуул койгон[6] мусулман
Жаа Алдалап жеткени,
Жаалына тура албай,
Чуркап-чуркап каапырлар
Чулукка[7] түшүп кеткени.
Андистердин* баарысы
Сундуруп[8] найза салыптыр,
Камбылдардын баарысы
Сулап жаткан каапырдын
Тонун тоноп[9] алыптыр.
Мергендер мылтык атыптыр,
Беттеше[10] албай качыптыр,
Бери* урган кытай шашыптыр.
Жабуулаган* каапырга
Жакын кууп жетишип,
Далыга найза нетишип,
«Соогат*, баатыр, соогат!» — деп,
Аркасында жолдошу
Атын алып кетишип,
Отуз миң келген Арсыны
Айттырды анык дарсыны*.
Бет алды кара тоо экен,
Бек капчыгай коо экен,
Бет алып Арсы кеткени,
Салгүрөң деген ат менен
Салагар кууп жеткени.
Далыдан найза салганы,
Дөөкүрсүгөн[11] маңгулдун
Төшүнөн[12] чыга калганы,
Арсынын аты Аңырбаш
Салагар алып алганы,
Арсынын өлгөн[13] жылгасы
Арсы атакка калганы,
Алардан да калыптыр
Бу дүнүйө[1] жалганы.
Бузуп[2]-жарып Кочкорду[3]
Мунар баатыр алганы.
Аскерди жүз миң алганы,
Ал аскердин баарысы
Баатыр менен балбаны,
Улуу[4] суунун боюнда,
Бел-Жайлоонун[5] оюнда
Кайнаган кара кол болуп
Каапырдын колу[6] калганы,
Арсы жаң-жуң баш болуп
Аз киши менен барганы.
Баатыр менен балбаны
Байдасы жок калганы,

Аз киши барып Арсы кан
Арманда өлүп[7] алганы.
Элдин барып четине,
Жоонун[8] барып бетине,
Жеткирбей кудай нээтине
Арсы жаң-жуң өлүптүр[9],
Аралдагы каапырды
Мусулман колу бөлүптүр[10].
Сексен миң аскер кол жүрүп[11],
Селдей каптап мол жүрүп,
Кыргынды Мунар салыптыр,
Кыжылдаган кытайлар
Кыр-кырга качып калыптыр.
Калбаны* булар салыптыр,
Кажылдаган каапырлар
Катма-катар тоосуна[12],
Кароолчу[13] коюп оозуна,
Кабакка кирип калыптыр,
Өзөккө[14] өрттү[15] салыптыр,
Талаасынын баарысын
Өң мусулман алыптыр,
Өңчөндөшүп[16] ыйлашып,
Тос-тос болуп каапырлар[17]
Тоого[18] качып калыптыр.
Аскери барып Мунардын,
Азабын берип булардын,
Ташынын баарын кулатып,
Тамынын баарын нуратып,
Табылганын сулатып,
Таталатып* чуулатып,
Сандыктарын кыйратып,
Сай* кашкасын ыйлатып,
Босогосун[19] кыйратып,
Боз уланын ыйлатып[20].
Торудан тандап жылкы алып,
Торгун*[1], тубар*[2] мүлк алып,
Буурулдан тандап жылкы алып,
Буулумдан*[3] тандап мүлк алып,
Чабадан* жарып, жамбы* алып,
Чабуулга түшкөн калмактар
«Жан кыйба!» — деп, жалбарып,
Кош куржундап[4] дилде* алып,
Койдон[5] санап миңди алып,
Айдап жүргөн дагы бар,
Кош атына куржунун[6]
«Кокуй, мында мүлк бар!» — деп,
Байлап жүргөн дагы бар,
Желкилдетип төө[8] алып,

Жетелеп жүргөн дагы бар,
Элин таппай адашып
Энтелеп жүргөн дагы бар.
Кур семирген аттарды
Минип жүргөн дагы бар,
«Асыл буюм жок экен,
Куржуну менен курсун!»[10] — деп,
Тилип жүргөн дагы бар.
Кочкордун ичи кок* болду,
Кол талаага токтолду,
Ушуларга[11] кол салып,
Урушаар каапыр[12] жок болду.
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас каныңар,
Алда эмине[13] сөзү[14] бар,
Кабарын угуп[15] алыңар.
Казактан чыккан каныңар[16],
Кан Айдаркан дагы бар,
Үмөт[17], Жайсаң, эр Көкчө[18]
Алма-Коюр[19] журтуна
Казатка кеткен чагы бар.
Илебин журтун алыптыр,
Кашкелге каран салыптыр,
Обон-Таштын[20] оюна[21],
Улуу[22]-Чуунун[23] боюна
Кан Айдаркан барыптыр,
Калдайып түшүп калыптыр.
Кеминге кейиш салган эр,
Кездешкенин алган эр,
Кыпчактардын кыйыны
Таздын уулу Үрбү[24] дээр.
Улуу Чүйдүн[25] боюна
Талды-Суунун оюна,
Төрт жүз миң аскер — санап аш[26],
Төрө[27] Айдаркан баатырга
Үрбү түштү[28] канатташ.
Капчыгайдын жол менен,
Жүз элүү миң кол менен,
Аярын байлап алыптыр,
Абакеңиз эр Бакай,
Аскери бар бир далай,
Ушулар[1] менен таанапташ,
Үрбү менен канатташ[2]
Бакайдын колу барыптыр,
Майдан түзөп[3], сап тартып,
Барып түшүп калыптыр.
Онбир-Жылга оюнда,
Булгур-Суунун[4] боюнда,
Шамың шаанын калаасын
Сандыргалуу Манасын,
Тартып Манас алыптыр,
Туу* көтөрүп, сап байлап,
Жайнап түшүп калыптыр.
Обон-Таштын оюнда,
Согондунун боюнда,
Кандык өкүм[5] колунда
Абактардан Айдаркан,
Аксакалы Үйшүн[6] бар,
Ысабайдын[7] Жайсаңы,
Аргын Каракожосу[8],
Алчындардын Бообеги,
Албандардын Шаабеги,
Канатташ барып кол конгон[9].
Кара жаак эр Үрбү,
Кыпчактардын Калдаң бий,
Кыргыздардын Бакайы,
Кыргыл баатыр, Байжигит —
Кыйындардын баарысы,
Кыргыздын Ошпур карысы,
Жыйылып алып баарысы,
Арстан Манас баатырга
Акылдашып барышты.
Салам берип салышып,
Сандыргалуу* көй* төрө
Амандашып алышып.
Эсендик[10] — соолук сурашып,
Көрүшкөндө бир-бирин
Көпчүлүк барып чуулашып.
Абасы Бакай кеп сурап,
Арстан Манас баатырдан
«Алың кандай?» — деп сурап,—
Акунбешим[11] бааша — деп,—
Атыш-уруш, жанжалды
Кылдыңызбы ошоо[12] — деп,—
Бу кызыталак каапырдын
Бу шаардагы жатканын
Кандай кылып жапырдың?
Урушуп[1] шаарын алдыңбы,
Же качып кеткен каапырдын
Калаасын басып калдыңбы?
Куп жарашкан жайда экен,
Кужулдаган каапырдын
Шаасынын шаары кайда экен?
Түрмөгүнө көз жетпей,
Дүнүйө жүзү толуптур,
Түмөндөгөн[2] каапырдын

Түтүнү туман болуптур,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Кут* жагына* карасаң
Куюлуп кеткен көк адыр,
Кубаң[3] талаа жер жатыр.
Мандай жакты карасам
Тоо түгөнгөн уч окшойт[4],
Чоң Бээжинден кийинки
Толкуп жаткан каапырдын
Толук жери ушу окшойт.
Суу түгөнгөн чөлгө окшойт,
Арбак урган Акбешим[5]
Айдың[6] чалкар көлгө окшойт.
Кararган багы көрүнөт,
Калдайган тамы көрүнөт,
Түнөргөн багы көрүнөт,
Дүнкүйгөн[7] шаары көрүнөт.
Калаага жери толуптур[8],
Карап турсам бу каапыр
Кара курттай болуптур[9],
Үйгө жери толуптур,
Ушу күндө бу каапыр
Үлкөн[10] бааша болуптур.
Уруштубу[11] келгенден,
Урушпай кандай жаттың сен?
Бооң[12] деген аярын
Боздотуп байлап келдим мен.
Үрбүм[13] ишке жараптыр,
Үшү*[14] кетип каапырлар[15]
Уруша албай караптыр.
Каратып алып баарыны,
Шаа Кеминдин шаарыны,
Ойсалкын кызын алыптыр,
Оспасасын* чыгарып,
Ак* жолуна салыптыр.
Шаа Кемин шаары караптыр,
Кичи шаар Найнама
Кишилери көп өлүп,
Немеси калбай тараптыр,
Көкчө менен Айдаркан
Көп керекке жараптыр.
Алма-Коюр, Чарыны,
Абыдан алып баарыны,
Жар-Базар, Челек шаарыны,
Жалпы алыптыр баарыны.
Мусулман боло элегинде
Чырды кыйла салыптыр,
Чың шаанын кызы Буудайбек
Көкчө баатыр алыптыр,
Көңүлү тынып ал элдин
Көкчө менен Үмөттүн[2]
Көтүнөн[3] ээрчип калыптыр,
Карап моюн суна албай,
Каяша кылып тура албай,
Кантип турсун[4] уялбай,
Кашкелдин эли качыптыр,
Калгандарын казактар
Канын суудай чачыптыр.
Айдаркан келип артынан,
Абакең чыгып астынан,
Үрбү чыгып үстүнөн[5]
Бейшекел, Коңгур[6] элинен
Кыйла адамы кырылды
Кара-Булак белинен.
Кыргыз, кыпчак, казагың
Кыжылдаган кытайдын
Абыдан берип азабын,
Качкандарын жектешип,
«Карабай бизге эптешип,
Качасың бизден тек» — дешип,
Кырк миңче кырып салыптыр,
Кызыл аяк жаш балдар:
«Каш тек, Каш тек, Каш тек»- деп[7],
Кыйкырып айтып калыптыр.
Дагдыр* Алда буйругу[8],
Табалаган өндөнүп[9],
Жаман айтып салыптыр,
Кырып салып кытайды,
Кырга чыгып баарысы
Кыйкырып туруп алыптыр[10].
Айгай салган балдарды
Ачууланып тыйганым,
Алдага[11] шүгүр[12] кылганым,
Андасаң бүгүнкү болгон күч кшойт
Алды-артыңды жыйганын.
Кайып кан менен Мунардан
Угулбай[13] кабар булардан[14],
Суншоого[15] кеткен Кайып кан,
Жолдош болгон канча жан,
Эки-Баш жери бар деген,
Урунганы[1] зар деген,
Аяк жагы жеринин
Адам жүрбөс тар деген,
Аскар тоосу[2] бар деген.
Ашкан адам келе албай[3]

Кең Анжиян шаар деген,
Аягында Суншоонун[4]
Кечүү-Чукур[5] бар деген,
Андан ылдый карата
Капчыгай капчал тар деген,
Капкайдагы кийиктин
Сонуну[6] шондо[7] бар деген.
Оң тарабы Суусамыр,
Ойлоп[8] муну[9] турсаңар,
Аягы Кетмен-Төбө[10] бар.
А да кыргыз баласы
Акпай аттуу төрө бар.
Карап турат каапырга[11]
Кан Алооке[12] баатырга.
Наамандыктын кени бар,
Аким* болуп турганы
Анжым* кытай эли бар,
Ага[13]-ининде эп болсо,
Кайып кан менен Мунарга,
Кабар салып буларга[14],
Кол жиберсек эби бар».
Баштан аяк бу сөздү
Бакай кан айтып салганы,
«Акыл ушу сөзүң»[15] — деп,
Айдаркан айтып калганы.
Жолу кыйын, жери тоо[16],
Дини батыл*, эли жоо[17],
Аягы Нааман калаасы,
Анын баарын бийлеген
Ар жагында Алооке
Анжым кытай баласы.
Акылмандын баарысы,
Айдаркан, Ошпур[16] карысы.
Кыпчактан[17] кары Тазы бар,
Кыргыз, казак башы бар.
Кыраан Манас жашы бар,
Аяк-башы жыйылып,
Акылдашты жакшылар:
«Жүз миң аскер барсын — деп,—
Жүргөн жагын алсын — деп,—
Жүндөй[18] болгон каапырлар[19]
Жүдөп[20] акыр калсын — деп,—
Башчы болсун Үрбүм — деп,—[21]
Баары жаштан жүрсүн[22] — деп,—
Жашы болсун[23] жыйырма беш»,
Жакшы[1] болду[2] бул кеңеш.
Кара келтек* ыктуудан[3]
Камбыл чабар мыктуудан[4],
Мылтыкка андис мергенден[5]
Мыктымын[6] деп келгенден[7],
Сундуруп[8] найза салгандан,
Журтка[9] маалым[10] сардалдан*,
Билеги жоон балбандан,
Миңди бирөө[11] алгандан,
Билими артык сардалдан
Жүз[12] миң аскер чыгарды,
Жүрмөк[13] үчүн[14] ыйгарды.
Кыпчактын туун аштады,
Кыраан Үрбү[15] баштады,
Алты жүз миң аскерди
Акунбешим[16] баашага
Атышмакка таштады.
Абан-Таштын оюнда[17],
Улуу[18] Чүйдүн[19] боюнда[20],
Каман[21]-Булак[22] оозунда[23]
Казак, кыргыз асылды...[24]
Аны коюп[25] салыңыз,
Азыркы жүргөн[26] Үрбүнүн[27]
Кабарын угуп[28] алыңыз.
Отуз[29] менен[30] жыйырманын[31]
Ортосунда[32] баарысы,
Өздөрүндө[33] деги[34] жок
Өбөктөгөн[35] карысы,
Жолдошунун[36] баары шай,
Жүдөй[37] турган[38] жашы жок,
Жоодон[39] качар башы жок,
Көтөргөн[40] алтын туу[41] менен
Көк жаңырган чуу[42] менен,
Булугур[43] деген[44] суу[45] менен,
Булар[46] жолго[47] салыптыр.
Ашуусу[48] бийик бек экен[49],
Аз капчыгай жер экен,
Карагай, токой,[50] чер экен,
Карлуу[51] кыя бел экен,
Каңгай-маңгул[52] эл экен,
Манжурия[53] чеби бар,
Суң[54] кытайдан дагы бар,
Тыргооттун[55] баары бар,
Беш бөлүнгөн[56] шаары бар,
Арсы[58] жан-жүн[59] каны бар,
Аягына[60] Мунар[61] барыптыр,
Семиз-Белдин жол менен[62],
Сексен миң аскер кол менен,
Кыргынды кыйла салыптыр,
Жан-жүн өлүп[63] калыптыр,
Өлтүрүп[1] Арсы[2] жан-жунду[3],

Өзөндүн[4] баарын алыптыр,
Улуу[5] суунун[6] боюнда,
Бел-Жайлоонун[7] оюнда,
Суусамыр[8] келчү[9] жолунда[10],
Жүз миң аскер[11] колунда[12]
Тарлан жайсаң калыптыр,
Дагалактын Мунар кан,
Қашында бар канча жан,
Орток[13] тоонун[14] оюнда,
Булакыр[15] суунун[16] боюнда,
Тарлан уруш[17] салыптыр.
Туу[18] түбүндө[19] турушуп[20],
Тоо таянып урушуп[21],
Колтуктун[22] баары чоюлуп[23],
Колдун[24] баары жоюлуп[25],
Қанаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп[26],
Ээрдин кашы үбөлүп[27],
Эмчектин баары эзилип,
Эриндин баары кесилип,
Мунардын колу[28] сексен[29] миң,
Булардай[30] жандан безген[31] ким!
Отуз миңи шондо да
Семиз-Бел тескей[32] калмагы,
Қыйын болду[33] Мунардын
Қытайга уруш салмагы[34].
Жолдоштору[35] жобонуп[36],
Жоголдук[37] — деп, ойлонуп[38],
Алы келбей алсырап,
Адамынын кыйласы
Найза тийип кансырап:
«Кайып кандан кабар жок,
Кантип жатат алың? — деп,
Қайтып келген чабар жок,
Манас кеткен пайда жок,
Алтайлыктан айла жок,
Айдаркан, Көкчө деги жок,
Аз киши менен Арсыга
Урушуштун[39] эби жок.
Улуу черүү[40] уйгурлук[41],
Уйгурлуктан[42] бөлүнүп,
Уруш кылып курудук[43].
Арбын черүү алтайлык,
Алтайлыктан бөлүнүп,
Атышам деп тамтайдык.
Ар тарабы жол экен,
Ара талаа боюнда

Қалдайган кара кол экен.
Аңдабай туруп Арсыга
Бекер уруш салыппыз,
Көрбөгөн жерге бет алып,
Көйкапка кирип калыппыз.
Жалгызыбыз кутулбай[1],
Жаман кыргын болдук[2] ээ,
Экөө[3], бирөө[4] кутулбай,
Эпсиз кыргын болду ээ!»
Мунар баштап буркурап,
Мусулмандар чуркурап,
Өлөбүз[5] — деп, өкүнүп[6],
Өмдөп[7] каапыр келгенде
Өбөктөшүп[8] өкүрүп[9],
Қылычы түшүп колунан,
Мыктылардын баарынын,
Мылтыгы түшүп жонунан,
Найзасы түшүп карыдан,
Акылы кетип баарынан,
Сарысы чыгып жүзүндө[10],
Талаа-Булак түзүндө[11],
Жамандардын баарысы
Өңүнөн[12] чыгып сарысы
Үшкүрүгү[13] көп болуп,
Өңү[14] сары чөп[15] болуп,
Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү[16] ээрди далбайып,
Уруша албай шалдайып,
«Курудук эми[17] биз!» — дешип,
Кутулар жагын издешип,
Кужулдашып[18] калыптыр,
Курчап каапыр алыптыр[19].
Ал аңгыча[20] болбоду[21],
Куюндай учуп[22] тозоңу[23]
Жүз миң аскер кол менен,
Тармал-Саздын жол менен,
Тууну тууга урдуруп[24],
«Азирет!»* — деп, айкырган
Чуусу[25] кулак тундуруп[26],
Эр Үрбү келип калганы,
Эрдемсиген каапырга
Эми мүлүк салганы.
Найзаларын сундуруп,
Айгай кулак тундуруп,
Мылтык атып тарсылдап,
Саадак тартып шартылдап,
Қылычтар колдо[27] жаркылдап,
«Кырып ир!» — деп, кытайды,

Қыйқырып Үрбү баркылдап,
Қаптап кирип калганы,
Қаапырлар чыдап тура албай,
Ат соорусун*[1] салганы.
«Жабуу-жабуу-жабуу!»* — деп,
Жабуулаган көп каапыр
Жайнап качып баратыр,
Саидыргалуу көй баатыр
Заман акыр каапырга
Салып кетип баратыр,
Сайган атын шатектеп*,
Алып кетип баратыр,
Сары кыйгак найзаны
Өтүн[2] жарып өпкөгө[3]
Малып кетип баратыр,
Өлүктөрү[4] дардайып,
Калып кетип баратыр.
Сарала тубар-торгун тон
Салпылдатып өңүрүн[5],
Тоноп[6] алып атына
Салып кетип баратыр.
Тополоңун[7] тосултуп[8],
Чаңды асманга созултуп[9],
Алып кетип баратыр.
Кыргынды кыргыз салганы,
Кызыл дилде, ак жамбы,
Кыйла мүлкүн[10] алганы.
Өлбөс[11] жерин карашып,
Өзөнгө[12] качып тарашып,
Тозбос жагын карашып,
Тоого качты тарашып.
Каңгырады[13] калаасы,
Көрсө[14] кызыл кан болду
Көчөсүнүн[15] арасы,
Өлбөй[16] калган каапырлар
Өңү жаман бузулган[17],
Өңүрлөрү[18] кызыл кан,
Жаман жатыр жарасы.
Кыпчак Үрбү, Мунар кан,
Кыргынды кыйла салыптыр,
Арсынын бар чагында
Арбын кол жыйнап алыптыр,
Арсы өлгөн соң аскери
Таргыл жайсан, даң* Қабыл
Ал экөөндө[19] калыптыр.
«Кararган калмак[20] жатыр — деп,—
Кармашабыз акыр» — деп,
Бер жактан Мунар барыптыр,

Беттешип уруш салыптыр.
Урушам — деп, Мунарың[21]
Үшү кетип турганда
Үстүнө Үрбү барыптыр,
Урушуп жаткан каапырды
Үстүн[1]-астын салыптыр.
Қачкандары кутулуп[2],
Тургандары тутулуп[3],
Чечен Үрбү, Мунар кан,
Кашында бар канча жан,
Каапырга каар салыптыр,
Кararган колу көп жатып,
Қак ошо жердин атагы
Қаракол атка калыптыр.
Алсыраган Мунарды,
Айрып алып буларды
Қыпчактын кыраан Үрбүсү[4],
Қылымга калган үлгүсү[5]
Калгандарын каратып,
Качканын кууп таратып,
Казатка* минчү көй күлүк[6]
Аттын баарын жаратып,
Күрөөкө*[7], соотун*[8] чыңдатып,
Күлүктү[9] минип тыңдатып,
Найзанын баарын саптатып,
Албарстын баарын таптатып,
Жүз элүү миң аскерин
Қызартты көздөй каптатып,
Отуз миң ойдо[10] калыптыр,
Орчун[11] шаар Қочкорго[12]
Ойронду[13] алар салыптыр.
Отуз миң аскер чың болуп,
«Алда кандай заман» — деп,
Өз[14] жанына тың болуп,
Қароолду[15] катуу[16] коюшуп,
Қамбылдардын баарысы
Катканын койбой калмактын
Қарк алтынга тоюшуп[17],
Чыңдоолун*[18] коюп чыңдашып,
«Манас кантээр экен? — деп,—
Байкоосуз[19] калсак бекер» — деп,
Кулак салып тыңдашып,
«Кайып кан кантээр экен? — деп,—
Кабарсыз калсак бекер» — деп,
Кабар тыңдап туш-туштан
Кара боюн[20] бекемдеп,
Эр Үрбү менен Мунарды,
Не болор? — деп, буларды

Эстерине алышып,
Эки жакка кароолдоп[21],
Элеңдеп көзүн[22] салышып,
Орток тоонун[23] учунда[24]
Орчун шаар ушунда[25],
Ойрон[26] болгон олор[27] да
Оён* Манас тушунда[28].
Ара-Көлдүн[1] тушунда,
Арбын шаар ушунда,
Анын баарын жок кылган
Арстан Манас тушунда.
Чарчагандан баса албай
Чабуулга минген көлүгү*[2],
Кара-Тоо[3] менен Кардуу[4]-Тоо
Арасында аз түскө...[5]
Каапырдан калган өлүгү.
Суусамыр жактан келген суу —
Убанды[6] деген мына бу.
Убандынын[7] боюнда,
Улуктун[8] кирген оюнда
Калаасынын башы бар,
Аяк жагы Узун[9]-Суу,
Сеңир кара тащы бар,
Шаңшу кытай баласы
Ак-Учуктун[10] учунда,
Абыдан толгон[11] ушунда.
Шаңшуулуктун[12] калаасы,
Үрбү чаап ушул[13] эл
Зар ыйлады баласы,
Көрдүнөрбү[14] көзүнөр[15]
Талкаланды калаасы,
Өлүккө[16] толду талаасы.
Шаңшу кытай баласы
Тос-тос болуп калыптыр,
Токтой[17] албай качканы
Тоого чыгып алыптыр,
Токтолуп[18] көзүн салыптыр.
Мусулман жөнөп[19] кетиптир,
«Мусулман жөнөп кетти» — деп,
Булардын көзү жетиптир,
Түрк уулунун[20] кыйласы
Кыргын салып кетиптир.
Отуз миң аскер эл барып,
Обур-добур[21] сүйлөшүп,
Ондон,[22] бештен сүйрөшүп[23],
Өлүгүн[24] жыя баштады.
Өзөн[25] суунун боюна,
Улуу тоонун оюна

Өлүгүн үйүп[26] салыптыр,
Өйүз[27] менен бүйүз[28]
Сөөккө[29] толуп калыптыр.
Кыраан Манас барында
Кыргыздын кылган чатагы,
«Каракол», «Сөөк» болуптур
Как ошо жердин атагы.
Быжы — деген жери бар,
Мында да калмак эли бар.
Көкшүн[1] калмак уругу[2],
Быжыбай деген бай экен,
Көптөн берки турагы,
Көп малынан айрылып,
Көрдөй[3] болду бу дагы,
Оорукта* калган отуз миң
Ойрондоду[4] буларды.
Эки жүз үйлүү[5] калмагы,
А да Көкшүн балдары,
Оорукта*[6] калган отуз миң
Карап таап алганы,
Тундура[7] чаап салганы.
«Кап экен ушу коосу — деп,—
Жымырайган жыластын
Түк билинбейт оозу!»[8] — деп,
Калгандар түйшүк[9] салыптыр,
Кайсап баарын алыптыр,
Как ушуга[10] жеткенче
Кап атакка калыптыр.
«Качалык, ай, жүр!»[11] — дешип,
Каапыр качып дүрбөшүп[12],
Карлуу кыя ашыптыр,
Мусулмандан шашыптыр,
Бузуп карын ашыптыр.
Казак, кыргыз балдары
Каапырга кыргын салганы,
Качып ашкан бел үчүн[13]
Как ушуга жеткенче
Качалай атка калганы.
Олордой[14] болуп жүргөн ким,
Оорукта калган отуз миң
Суу аккан жылга өрдөдү[15],
Шашкелик барып шашышып,
Түк эчтеке көрбөдү[16].
Жоон-Арык суу экен,
Жолу[17] каткыр бул экен,
«Эл табылбай койду[18] — деп,—
Кайта барып чалалык
Өзүбүз[19] келген ойду»[20] — деп,

Отуз миң киши ат коюп,
Ат койсо[21] да бат коюп,
Ойго[22] жакын барыптыр.
Оң жагында улуу[23] тсо,
Өстөрү*[24] тар, өзөн[25] коо,
Беш жүз үйлүү калмагы
Бекинип жатып калганы.
Таап алып кыргыздар,
Таш-талканын чыгарып,
Таза чаап алганы.
Үлкөн экен тоосу — деп,—
Үкөк экен коосу — деп,
Үйү[1] — малын алыптыр,
Ушу күнгө жеткенче
Үкөк атка калыптыр.
Қартаңбай аттуу бир баатыр,
«Қара адырды чалам — деп,—
Қачканы болсо алам» — деп,
Алты миң аскер алыптыр,
Жетиген жагын чалыптыр,
Андагы аты Келе-Суу[2],
Аны көздөй барыптыр.
Бара жаткан жолунда[3]
Жалгач деген бай экен,
Жеке өзүнүн[4] башында
Жети миң кой бар экен.
Алтын, күмүш зарыны,
Анын да алды баарыны,
Отуз төрт[5] экен баарысы,
Төө[6] менен нарыны,
Төкпөй-чачпай баарыны,
Төрт түлүктүү[7] малыны,
Кейитти кемпир-чалыны.
Қартаңбай малын бөлгөнү[8],
Қазакты калмак көргөнү[9],
Малына күйүп Жалгач бай,
Өзүн[10] өзү[11] бычактап,
Жайыл калмак Жалгач бай
Жанын кыйып өлгөнү[12].
Азыркы атын Түндүк[13] дейт,
Андагы аты Келе-Суу,
Аны кечип өтүптүр[14],
Аңгемеси мына бу:
Қайып баспас какырга,
Чөп чыкпаган такырга,
Қара адырдын башы экен,
Қакыраган таш экен,
Бөрү жүрбөс бөксөгө[15],

Аркар жүрбөс адырга
Алты миң аскер барыптыр,
Алты жүздөй[16] калмактын
Үстүнөн чыгып калыптыр,
Қартаңбай баатыр баш болуп,
Үстүн-астын салыптыр.
Келе-Сууну жердеген
Арсы жаң-жуң эр деген,
Намысын колдон[16] бербеген,
Қаапырдын журту[17] кар[18] экен,
Қарк алтындан куйдурган[19]
Бир сүрөтү[20] бар экен,
Бу сүрөткө койгону[21]
Қырк миң койлук[1] мал экен.
Арсы жаң-жуң өлгөн соң,
Анык көзү көргөн соң,
Қызына кызыл кийгизип,
Қырылганын билгизип,
Катынга кара салыптыр,
Қачып алып баарысы
Қара адырга барыптыр.
Ала качып бутуну[2],
«Қудай!» — деген былжырап
Куюп[3] алган кутуну[4],
«Қуткарар бизди теңир!» — деп,
Кубат[5] кылып ушуну[6],
Маңгул, кытай, калмагы,
Төбөндөн тийген каапырлар
Төрт жүз экен барганы,
Алты миң аскер кол барып,
Аяк-башын алганы,
Айгайлатып каапырды
Акыр заман салганы.
Қыпча белдүү[7], кыйган каш,
Қыргоол моюн[8], түймө[9] баш
Қыздан кыркты кармады,
Қырмызы* килем жаптырган
Токсон төө[10] алганы,
Тос-тос кылып каапырды
Тополоңду[11] салганы,
Тоо арасы капчалдан
Толгон дүйнө алганы.
Бутун[12] буркан* дейт, экен,
Бүгүнгүчө ошо жер
Буркан атка калганын,
Кудай билет бу сөздүн[15]
Чыны менен жалганын.
Оорукта калган отуз миң,

Ойротто[16] андай болду[17] ким,
Очогор[18] мылтык түздөшүп[19],
«Ойрон салдык биз!» — дешип,
Жата турсун жай алып,
Ой-тоодон олжо*[20] издешип.
Аны таштап салыңар[21],
Мурунку[22] Мунар каныңар
Алда эмине сөзү бар,
Аңгеме угуп алыңар,
Арстан Үрбү баш болуп,
Азаматтын баары бар.
Жүз элүү миң кол менен,
Кыйкырган Кызарт жол менен,
Кара бороон жел менен,
Карлуу кайкаң бел менен,
Каптаган аскер сел менен,
Асты ашып алганда,
Аркасы белде калганда,
Ал кездеги эрендер
Не көрбөдү жалганда,
Оң жагынан суу келди,
Кулагына алардын
Ойбойлогон[1] чуу келди.
Үнү[2] угулат[3], адам жок,
Эки жагын караса
Элес-булас караан жок,
«Не шумдук!?»[4] — деп бастырса,
Сары жыгач ит мурун[5]
Этегине салыптыр,
Отуз-кырктай немесин
Орой[6] кармап алыптыр,
Отун[7] терген бир кемпир
Жолдон[8] чыгып калыптыр.
Эр Үрбү келди кеп сурап:
«Элким жүргөн сен кемпир
Элиң кайда?» — деп сурап.
Анда кемпир кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Акыл айтам азганга,
Айылым бардыр асманда,
Элим бардыр көктө — деп,—
Эсиң болсо сен жигит,
Ушу жолдон өтпө!»[9] — деп,
Көзү жаман ириңдеп,
Көрөөр[10] болсоң кемпирди
Көкүрөгү[11] кирилдеп,
Азыр өлүп кетчүүдөй
Абыдан үшүп[12] дирилдеп,

Чоң чүкөдөй чылпагы
Көзүндө[13] турат ириңдеп.
Анда Үрбү кеп айтат:
«Ант урган кемпир — деп,— айтат,—
Асманда адам болобу[14],
Айт чыныңды?» — деп, айтат.
Анда кемпир сүйлөдү[15]:
«Айылым турат, ана!» — деп,
Карады Үрбү: «кана?» — деп,
Караса кара кол экен,
Катыраң аяр ол экен.
Эр Үрбү көзүн салыптыр,
Эки көзү тең көрбөй[16],
Сокур[17] болуп калыптыр,
«Кармагыла карды!» — деп,
Калкына айгай салыптыр.
«Калбалуу[18] кандай кемпир?» — деп,
Кашындагы эр Баймат
Найза шилтеп калыптыр.
Найзадан кемпир качканы,
«Койбосоңор[1] мына!» — деп,
Колундагы[2] отунун[3]
Колду[4] көздөй чачканы.
Этегинде бар экен
Бир этек коргоол[5] кумалак,
Төгүп[6] ийген жеринен,
Куу кемпирдин сээринен
Күлүктүн[7] бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген
Аскер болуп турганы,
Адамдардын баарына
Найза, кылыч урганы.
Адамдар ага токтошуп[8]
Атууга мылтык октошуп[9],
Шашып алар калыптыр.
Мунар кандын элинде
Арсалаң кыйын аяр бар,
Айкырып жетип барганы,
Ак чөптөн[10] тутам кармады,
Апсун окуп, дем салып,
Аскерин көздөй таштады.
Таштаган чөбү[11] от болуп,
Тамашаны баштады.
Тоодой[12] жалын жанганы
Толуп аткан көп аскер
Асили коргоол бок болду,
Отко[13] күйүп жок болду.
Кырк-элүүдөй[14] жыгачы

Ар кайсысы бир үйдөй
Кызыл жалын чок болду,
Жалынынан жалтанып,
Жалпы аскер жайнап токтолду.
Арсанкул аяр барганы,
Аппак кардан кармады,
Жалынды көздөй атканы.
Жыгачы өчүп[15], чок болуп,
Аскер кетти жок болуп.
Алиги кемпир токтолуп,
Ак сакалдуу[16] чал болду,
Айгай салып акырды:
«Ант ургур[17] кайда кеттиң?» — деп,
Ачууланып[18] бакырды.
Амбал* Кубан[19] колунан[20]
Алтымыш миңин алыптыр,
Аяк каптай капчыкка
Апсун окуп салыптыр,
Арсыдан качкан качкыны
Амбал Кубан канына
Алар качып барыптыр.
Баары барды кайгырып,
Башы-көзү айрылып:
«Мунар келди кол менен,
Кер-Көлдүн тескей жол менен,
Жан-жүн Арсы өлдү — деп,—
Жанынын баары көрдү — деп,—
Кызды катын кылды — деп,—
Катынды отун кылды — деп,—
Кызыл чоктуу*[1] ойротту[2]
Кыйласын кырып сойлотту[3].
Тарлан жайсаң өлдү — деп,—
Таратып журтту[4] бөлдү!» — деп,
Уруштан[5] качкан калмагы
Улуп-уңшуп[6] барганы.
Ушуну угуп Кубан дөө*[7]
Ар тарапка чаптырып,
Адамдарын чакырып:
«Катыраң аяр* кайдасың?
Каптап алып мусулман
Капилет келип калбасын.
Арбын аскер алыңыз,
Ашырбай Кызарт белинен
Астын тосуп калыңыз,
Ырасын билсең жарлыгым
Ылдамыраак барыңыз!»
Муну айтып Кубан дөө —
Буйрук кылып ийиптир.

Алтымыш миң аскери
Ат кепедей эшиктен
Чубурушуп[9] кириптир.
Аяк каптай капчыкка
Алтымыш миң салыптыр,
Апсун окуп, дем салып,
Өкүматы[10] кудаанын*
Ачып көзүн жумганча
А жерге барып калыптыр,
Аксакалдуу чал болуп,
Айгайды бийик салыптыр,
Аякаптай капчыгын
Кагып-кагып калыптыр.
Кайнаган кара кол болуп,
Кара курттан мол болуп,
Карсылдашкан жерлери
Тар адырмак жол болуп,
Алтымыш миң аскери
Алар да калбай аянып,
Оң жаккы тоону[11] таянып,
Жамгырдан бетер жаа тартып,
Мөндүрдөй[1] кылып ок атып,
«Мөндү[2]-мөндү-мөндү!» — деп,
«Мөндү» — деген кандай кеп?
Мөндү десе мейли — деп,
«Жабуу*-жабуу-жабуу» —деп,
«Жабуу» — деген кандай кеп?
Жабуу десе мейли — деп,
Кылчайбады ушундан[3],
Кырын алды мусулман,
Жаа Алдалап жар салып,
Жалпы кирди чаң салып,
Жебенин огу кыркырап,
Кашка-Сууну бет алып,
Качты каапыр дыркырап.
Мылтык атып тарсылдап,
Добул кагып карсылдап,
Коркоктордун[4] баарысы
«Кокуй качан өлөм!?»[5] — деп,
Коркуп[6] жүрөт[7] калтылдап.
Кача түшүп токтолуп,
Жазайыл мылтык октолуп[8]
Желегин жерге жапырып,
Жер жайнаган калың кол
Жайнады жалпы качырып,
Ат соорусун салыптыр,
Кызарт ылдый кыркырап,
Кытайлардын кыйласы

Кырга качты быркырап,
Кырк миң аскер черүүсү[9]
Ойду көздөй дыркырап,
Жаа Алдалап мусулман
Чабуул койду чуркурап,
Чаң созулду[10] буркурап[11].
Тоого[12] качкан жыйырма миң
Баары саадак атуучу[13],
Каршы барган душманы
Кара канга батуучу[14].
Аркасынан отуз миң
Аскер барды кууганы,
Жыйырма миңи каз катар,
Катар карап турганы.
Каапырды кудай урганы,
Урбаганда неткени,
Чабуул жакын жеткени.
Алеңгир жаа*, сыр жебе
Киричине* чалышып,
Жабылып жакын келгенде
Жааны тартып калышып,
Жебенин огу кыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Каптап калган мусулман.
Жаа Алдалап чуркурап.
Отуз-кырктай мусулман
Ок жаңылып ушундан,
Жүзүнө найза тийген соң,
Жүрөгү чыгып ушундан,
Каапырлар качып бузулган.
Жонго найза мылгытып,
Жонго сүрдү[1] дыргытып,
Тоого сүрдү дыргытып,
Кезине келген каапырды
Кесип башын ыргытып.
Качты каапыр, жок болду,
Качыра түшүп мусулман,
Кайра тартып токтолду,
Каапырлар канча жаа тарткан.
Кабак алды ок толуп,
Ойронду олор салыптыр,
Ошо жердин атагы
Ок-Толгон[2] атка калыптыр.
Алтайдын тоосун[3] жайлаган,
Нардай кара ат байлаган,
Азаматын шайлаган,
Кылымга калган үлгүсү,
Кыпчактардын Үрбүсү[4]
Кыжылдатып кытайды,
Калаасын көздөй эр Үрбү
Каапырды келди сүргүзүп[5]
Жазайыл мылтык октотуп[6],
Жаркылдатып милтени
Жалпы баары чоктотуп[7],
Жакын келген душманын
Ондурбастай[8] окшотуп[9],
Астына мерген салыптыр,
Найзакерден кырк миңи
Артынан түшүп калыптыр.
Жүз элүү миң кол экен,
Жүргөн аскер мол экен,
Оң тарабын карасаң
Ойдуң кеткен талаа экен,
Ийне саяр чоло[10] жок,
Жыкылдаган калаа экен,
Жогору[11] калаа четине,
Жоо-душмандын бетине
Жетимиш миң кол алып,
Кол бийлеген зор алып,
Опоң деген баатыры,
Ондурбастай акыры,
Алабайрак аты бар,
Азыркысын адамга
Окшобостой[1] заты бар,
Далысы кулач, жоон бел,
Данкы кытай деген эл,
Мунарадай бою бар,
Бу жалганга жепжеке
Татыймын деген ою[2] бар,
Чөйчөктөй[3] эки көзү бар,
Акырын шыбыраганы
Бакырган[4] төөдөй сөзү бар.
Эки колу теректей,
Саадагынын жоону[5] бар
Жаңы чапкан челектей.
Алабайрак аты бар,
Азыркысын андасаң
Дажаалдайын* заты бар[6],
Найзасы бүтүн[7] карагай,
Азыр чыкты жекеге
Алды-артына карабай,
Ачууланып бу каапыр,
Асты өлүмүн[8] санабай.
Уйгурлук[9] чыкты урушка[10],
Не болсун[11] карап турушка[12].

Мунар кандын элинен,
Бура тартпас эринен
Асыран баатыр жеткени,
Асырандын найзасын
Кагып ийип каапырын[13],
Кадимки Опок баатырын
Найзасынын учуна[14]
Илип алып кеткени[15].
Асыран болду тебетей,
Тебетей илген немедей,
Теңир урган бу каапыр
Жоону ойлонуп кебелбей,
Асыранды алганы,
«Ажалдуун келе бергин!» — деп,
Айгайды каапыр салганы,
Айбатын көргөн мусулман
Абыдан коркуп[16] ушундан,
Айран азыр калганы.
Аны көрүп алганы,
Бир арыштын балбаны
Катыктын уулу[17] Турдакун
Качырып жетип[18] барганы,
Карап турган бу каапыр
Кара болот[19] курч кылыч
Как төбөдөн[20] салганы,
Карагай жарган немедей
Аты менен бу дагы
Тең бөлүнүп калганы,
«Өлүүчүнөр[1] келгин!» — деп,
Өкүм сүйлөп салганы.
Аны көрүп чыдабай
Асандын уулу Бөкөнбай[2]
Акырын барбай жайма-жай,
Жебе огундай[3] кыркырап,
Жетти кара ат зыркырап,
Тосуп туруп чоң Опок
Найза менен койгондо[4]
Асандын уулу Бөкөнбай
Аттан кетти быркырап.
Аны көрө салыптыр,
Мейлинакун дегени
Бетине жетип келгени.
Энип алып Мейлинди,
Эки жашар баладай
Элине барып бергени.
Аны көрө салыптыр,
Айдаркандын элинен
Асоолук деген бир баатыр
Акырып чыга калыптыр.
Аны көрүп бу каапыр
Айбалта* менен бир салып,
Атынан жулуп[5] алыптыр,
Айлантып жерге бир уруп[6],
Аны өлтүрүп[7] салыптыр.
Калдандын уулу Байсабек
«Кайда менин найзам?» — деп,
Качырып жетип барганы,
Кагып ийип найзасын,
Оң далыдан кармады,
Оодара тартып салганы,—
Кобо[8] качып Байсабек[9]
Колго[10] кирип барганы.
Кордугуна[11] чыдабай
Карап туруп буларды,
Кайратын эми[12] көрүп ал
Карыса да Мунарды.
Шадана* бото* шалк этме
Курду[13] белге байланып,
Кудуретке* жалбарып,
Качырча деген аты бар,
Өнүн[14] көрсөң[15] кара сур,
Өнөрүн[16] анын карап тур,
Белге кылыч байланып,
Белестеги булуттай[17]
Каар жүзүнө айланып,
Соот[18] менен кыягы,
Сонун[19] экен сыягы,
Чарайна төшкө[1] тартынып,
Көрөр болсоң Мунар кан
Көпкөк темир артынып,
Муздай темир кийинип,
«Кор кылба — деп,— кудай!» — деп,
Кудуретке сыйынып,
Кара сур атка камчыны
Каршы-терши салганы,
Карагай найза сүңгүнү*[2]
Карыга илип алганы,
Карап турган каапырга
Каршы жетип барганы.
Алабайрак ат менен
Алиги каапыр тургапы,
Найзасын ондоп[3] алганы,
Мусулмандан[4] Мунар кан
Төшкө найза урганы.
Найза төшкө так этип,
Алабайрак күлүктөн[5]

Жар көчкөндөй[6] талп этип,
Калканы башта жарк этип,
Кулап Опоң калганы,
Жер таянып турганча
Жетип барып Мунакең
Желкеге кылыч салганы,
Жерге кирген каапырга
Жер майланып калганы.
Мусулман көөнүн[7] тындырды,
Каапырдын шагын сындырды,
Кан Мунар кайтты колуна[8],
Карагын сөздүн соңуна[9],
Катыран аяр кутулган[10],
Азыр келбей кетиптир
Арсалаңдын оңуна[11].
Кемпир болуп кезигип,
Коргоолду[12] үйлөп[13], кол кылып,
Адам өткүз[14] жол кылып[15],
Аксакалдуу чал болуп[16],
Адам билбес жан болуп,
Катыран аяр калыптыр,
Капчыктан чыгып көп аскер
Калбаны кыйла салыптыр,
Жыйырма миң аскер бөлүнүп[17],
Тоо[18] жагына калыптыр,
Отуз миң аскер мусулман
Тополоңду салыптыр,
Отуз миңдин ичине
Арсалаң аяр калыптыр,
Жыйырма миң каапыр[19] колуна
Катыран аяр барыптыр
Аярлыгын кылмакка,
Алы келсе бу колду
Аял кылбай кырмакка.
Жүк артылган кара нар,
Чоңдугу[1] тоого[2] барабар,
Кырмызы*[3] килем жабылган,
Кызыгып аскер сабылган,
Качкан жоонун[4] артынан
Кызыктуу бир нар табылган,
Олжо экен — деп, алам — деп,
Отуз-кырк адам жабылган.
Булар жетип барганы,
Буйласынан кармады,
Олжо деди ушулар,
Уштаганда ушу нар
Оозун[5] ачып бакырды,
Ким көргөн мындай каапырды,

Дүнүйө жүзүн[6] сапырды.
Сапырбаса неткени,
Жайнаган кызыл өрт болуп,
Жалпы күйүп кеткени,
Отуз миң барган мусулман
Орою[7] чочуп ушундан,
Ат-тонунан айрылып,
Ойбой[8] салган канча жан.
Азапка антип калыптыр,
Алар антип турганда
Аркасынан алардын
Арсалаң жетип барыптыр,
Апсун[9] окуп, дем салып,
Нарга кылыч салыптыр,
Нар экиге бөлүнүп,
Бир дарыянын суусундай[10]
Кызыл каны төгүлүп,
Отуз миң барган мусулман
Тоолорго[11] качты сөгүлүп[12].
Кыр-кырга чыккан эл болду,
Кызыл кан агып, сел болду,
Кызык болбой[13] не болду,
Кыйкырган шамал жел болду.
Нардын каны басылбай
Агып туруп алганы,
Алиги кандан өтө[14] албай
Адамдар айран калганы.
Нардын каны аз эмес,
Аккан дария сел болду,
Адыр-адыр кырында
Алсыраган эл болду,
Абалкы[15] аты Ара-Бел,
Кыяматтын журтуна
«Кызарт» аттуу бел болду.
Аярдын аты Катыран,
Андабастан катылган,
Арсалаң кылыч салыптыр,
Алты күнгө басылбай
Нардын каны сел болуп,
Агып туруп алыптыр.
Кырын-оюн[1] кызыл кан
Басып кетип баратыр,
Күндөн күнгө күч алып
Ташып кетип баратыр
Жакын ара жүргөндөр
Шашып кетип баратыр,
Кылын чапкан Арсалаң
Кырга чыккан шашкандан,

Алты күндө[2] токтолуп
Кыпкызыл кан баскандан.
Карап көргүн[3] калайык
Катыран аяр амалын,
Апсун менен байлаптыр
Алты белдин шамалын.
«Жетинчи күнгө жетер — деп,—
Жети ашуунун шамалын
Жеке ушу жерге байласа,
Жер болуудан кетер — деп,—
Акыры муну тоспосом[4]
Аярлыгым бекер» — деп,
Апсун окуп Арсалан
Аятын* кешмир* келтирип,
Наала* кылды ар заман.
Арсалан кылыч чапканда
Нар белинен кыйылды,
Алты күндө аккан кан
Аран бүгүн[5] тыйылды.
Нар жоголуп[6], кан калды,
Адамдар көрүп таң калды,
Нардын жаткан жеринде
Бир адамга окшош[7] жан калды.
Аны көрө[8] салганы,
Аны көздөй бет алып
Арсалан жөнөп калганы.
Көлдөй[9] кечти каныны,
Көрмөккө[10] барды жанына.
Мойну[11] аптаба* чайнектей,
Эки көзү айнектей,
Жазык мандай, калем каш,
Оймок[12] ооз[13], түймө баш,
Билегине салганы
Мин дилделик* каухар* таш,
Кумурска[14] бел, тасма[15] бой,
Суксур моюн, кундуз[1] чач,
Сулуулугун[2] айтпай кой!
Арсалан жетип барганы,
Алиги турган сулуу кыз,
Ангемесин угунуз[3],
Апсун окуп салганы,
Жумуп кал[4] — деген добушу[5]
Ал Арсалан аярдын
Кулагына барганы,
«Кутургурдун[6] неси?» — деп,
Жан-жагына карады.
Кара коргон[7] чеп болуп,
Айланасы бек болуп,

Туюктанып[8] калганы.
Тутуп[9] алып бу кызды
Так төбөдөн[10] келтирип,
Дагы кылыч салганы,
Кол көтөрүп чапканча
Коргошундай[11] көйкөлүп[12],
Жерге кирип калганы.
Аны көрүп Арсалан
Жерге дуба*[13] салганы.
Асты кара таш болгон,
Андайларга Арсалан
Азелден бери маш болгон.
Кутула[14] албай токтолду,
Алиги турган аяр кыз
Арип* менен ушундан
Кутулар жайы жок болду.
Кыз ушу жерде кеп айтат:
«Кылаар айлам тозулду[15],
Кыйнабагын» — деп, айтат,-
Дабагы деген бабабыз,
Алдырууга бул элди
Куп акылын табабыз.
Базанда деген өз атам,
Байкасан сага сөз айтам,
Куп өзүндү[16] баштайын
Кубан амбал* элине,
Кыз атагым бир калсын
Ара-Белдин белине.
Куубаш амбал туугандыр,
Тууган да болсо биздерге
Ар качандан бир качан
Акимдик кылып тургандыр.
Келген жерин алыс жол,
Жүргөн колун[17] канча кол,
Аскериндин атагын
Азыр мага айтып бол.
Как ушу жерге атагым
Калам тартып чиейин,
Канча аскерин болсо да
Өзүм[1] тандап тиейин.
Шертимдин бири бул — деди,-
Аларымдан айрылып,
Азыр болдум[2] тул* — деди,—
Кебин айтып бер — деди,—
Эми бир күн токтолсон[3]
Кетирет элем санынды,
Кылыч чапкан нарынды...[4]
Нардын көрүп өнөрүн

Анык эле өлөрүн.
Эми бир күн токтолсоң
Илинет элең амалга,
Көрөт элең Көйкапты*
Учкан бойдон шамалга».
Аны айтып бу кыз ыйлады,
Агызып[5] жашын тыйбады.
Анда Арсалан кеп айтат:
«Ай, Катыран,— деп айтат,—
Аташканым өлдү[6] — деп,
Арман кылба сен — деди,—
Аскеримдин атагын
Айтып берем мен — деди. —
Башкы атам Жапас түрктүр[7],
Маңгул, татар эки журт
Бадыша болуп, эл болуп
Баштатан бөлөк жүрүптүр[8].
А да Жапас баласы,
Манжурия, Кара-Кум
Бул күндөгү калаасы,
Ушулардын баарынын
Үлкөн Кыргыз[9] бабасы,
Ол Кыргыздын болуптур
Кырктан ашык баласы,
Башта турган жери экен
Бадакшан, Балык калаасы,
Көңүлдө[10] бар, көздө[11] жок,
Көрүнбөйт[12] бизге карасы,
Баарысынан улуу экен
Дуулат аттуу баласы.
Экинчиси Катаган,
Үчүнчүсү[13] Жедигер,
Баарысы бир атадан.
Төртүнчүсү[14] Багышты,
Манас чыгып Багыштан
Төгөрөккө[15] жабышты.
Каңды, тейит, окчу бар,
Калкы кыргыз ушулар.
Найман, тейит, жоо[16] кести,
Андатайын бу сөздү[1].
Бостон, абат, нойгутту[2],
Каракалпак, думара,
Баары кыргыз баласы
Карап көрсөң буларга.
Басыз, мундуз, кушчуга,
Баамың жетсин ушуга.
Бир уругу жүз экен,
Катылгандын баарынын

Казылып орду[3], түз[4] экен.
Нарытадан бөлүнгөн[5]
Кыпчак, казак, калмагы,
Кирбей турган тилине,
Ынабай актын дилине,
Аталарын бөлүнүп
Калмак болуп алганы.
Наамандыктын эли — деп,
Аталарым жери — деп,
Арстан Манас кол менен
Акунбешим[6] баашана
Азыр келип калганы.
Алты-Шаар[7] уйгуру[8],
Ары чети Ымалай,
Айта берсем узун[9] сөз,
Арбып кетер бир далай.
Дангыт деген элинен,
Саңыроо[10] деген жеринен,
Кайып деген каны бар,
Эр-балбаны бир далай,
Эки жүз миң жаны бар.
Мында келген Мунары,
Чүйдө[11] аскердин жанында
Эчтеме эмес булары.
Кыпчактан Үрбү деген бар,
Кырылышкан душмандан
Кыйланын башын жеген бар,
Казактан Айдар каны бар,
Үмөт, Жайсаң баары бар,
Татардан Чагоо[12] кары бар,
Ар кайсысы жүз миң кол,
Ата уулунун баары бар,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Арстан Манас дагы бар».
Арсалан айтып билдирди,
Аярлык кылып ушу кыз
Ай-ааламды бүлдүрдү[13].
Кыз дубасын жандырды,
Кылымды айран калтырды.
Кан акканда жошулуп[14]
Кыз менен калган кошулуп[15],
Жыйырма миндей адамы
Жети жүзү өлүп[1] калганы,
Он тогуз[2] миң үч жүзү[3]
Жетиген жаккы тоосуна[4]
Качып чыгып алганы,
Качып чыккан тоо жагы
Так ушуга жеткенче

Качалай атка калганы.
Калган колун чакырды:
«Мылтык атпай, жаа тартпай,
Мында келгин баарың» — деп,
Кыз кашына алганы,
Күн батар жагы ой-талаа,
Аны көздөй бет алып
Кыз жолуна салганы.
Арт жагынан Арсалаң
Отуз миң аскер колунан
Төрт жүзү өлүп алыптыр,
Жыйырма миң, тогуз миң
Алты жүзү калыптыр,
Катыраң кыз, Арсалаң
Ал экөөнүн[5] артынан
Аскер жолго салыптыр.
Бара турсун бул экөө[6],
Барчасынын кийгени
Бадана* соот, күрөөкө[7].
Аны таштай туруңуз[8],
Мунар, Үрбү[9], Кубандын
Ангемесин угуңуз.
Үрбү[10] менен Мунардан
Куп коркуп Кубан булардан,
Калкына кабар салыптыр,
Ар тараптан аскерин
Ашыгып жыйып алыптыр.
Алтымыш миңи бир кеткен,
Адамдын баарын дүрбөткөн.
Алтымыш миңи ашыгып,
Аяр менен кеткени,
Түштүк[11] жерге түгөнгүр
Аш кайнам калбай жеткени,
Кыз Катыраң аярдын
Кыйындык эмей неткени.
Ара-Бел түшкөн жол менен,
Алтымыш миң кол менен,
Көргөзбөй[12] туруп колуна,
Көптүн[13] тосуп жолуна[14]
Отун терген кемпирди
Ушу жердин өзүнө
Алтымыш миң аскерди
Аш кайнамда келтирди,
Урушуп жүрүп[1] Мейликан
Жети жүзүн[2] өлтүрдү[3].
Кызыл-ала кан болуп,
Чамбыл-ала чаң болуп,
Кырк миңи мурун барыптыр,

Качып барган кырк миңи
Калбаны көрүп калыптыр,
Кашайдык — деп, кырылып,
Кан Кубанга барыптыр,
Кабарын айтып салыптыр.
«Жыйырма миңиң неткен — деп,—
Кайсы жакка кеткен — деп,—
Катыраң аяр кана? — деп,
Кабарын айткын даана» — деп,
Сурады Кубан баргандан,
Жашын коюп, каргандан.
Көргөндөр[4] айтты кебини:
«Дүйнө жүзү кол болсо
Тапкандай-деди — эбини,
Тапа-таза канынын[5]
Минтип басты демини.
Айткан менен сөз жетпейт,
Аскер келди тумандап,
Алды-артына көз жетпейт[6].
Келип калды мында — деп,—
Кебибиз ушу тында — деп,—
Оңо[7] турган жоо эмес,
Оно[8] боюң[9] чында!» — деп,
Качканы кабар салыптыр,
Алардан мурун алсырап,
Найза тийип кансырап,
Акылдан танып тантырап,
Арсынын эли барыптыр.
Аларды көрүп ашыгып,
Опоң[10] дөөнү[11] баш кылып,
Жетимиш миң аткарды,
Жетип алар бат барды.
Жүз жыйырма миң кол менен,
Үрбү, Мунар зор менен
Барган жерден урушту[12],
Майдан түзөп[13] турушту[14],
Мындан мурун көрдүнөр[15],
Мунар кан кылган жумушту[16]
Опоңго[17] уруш салганын,
Майданда башын алганын.
Мунардан Опоң өлүптүр[18],
Жетимиш миң аскери —
Жер жайнаган көп эли
Уруша[19] албай карашып,
Асты качып тарашып,
Алдырашып калыптыр.
Аркасынан кол алып,
Арбын черүү мол алып,

Жүз миң аскер алыптыр,
Кубан амбал баш болуп,
Эми[1] келип калыптыр,
Каракече[2] калдайы*
Кашына алып далайды,
Бу да келип калыптыр,
Толук Көбөк[3] жердеген,
Согуштан[4] адам жеңбеген,
Дутул[5] калмак тукуму[6],
Жуда келип калыптыр.
Кыз Катыран баш болуп,
Кыртын тапкан кыйла жан,
Калганы көзү жаш болуп,
Жыйырма мини барыптыр,
Жыйылып аткан көп колго
Арсалан менен Катыран
Азыр көзүн салыптыр.
Арсаланга кеп айтат:
«Аскерине өзүң[7] айт,
Айт деген менин сөзүмдү[8] айт,
Жашың менен карынар,
Жалпы аламан баарынар
Бирден санап салынар,
Көзүндү[9] жума калынар,
Так жетиге келгенде
Кайтып ачың баарынар».
Арсалан айтты бу сөздү,
Адам билбес куу сөздү:
Кыз да барды колуна,
Кызыктын кара соңуна.
«Кубан амбал, кайдасың,
Элиндин кылбай байдасын?»
«Мен мындамын, балам!— деп,—
Элге байда кылуунун
Эбин кайдан табам?» — деп,
Амбал Кубан сөздөдү[10],
Ал сөзүнүн[11] артына
Кыз Катыран көздөдү[12].
«Ушу турган баарынар,
Жашын менен карынар
Бир! — деп, санап салынар,
Так жетиге жеткенче
Көзүңү жумуп[13] калынар,
Так жетиге жеткенде
Көзүндү ачкын баарынар!»
Бу сөздү маакул алганы,
Мусулманы[14], каапыры
Далайды көрөр акыры.

Арсалан менен Катыран
Алты ооз апсун окуду[1],
Апсунду[2] окуп калыптыр,
Кубан кандын кернейин
Кыз колуна алыптыр.
Аблатундан калыптыр,
Аярлык менен ушул кыз
Түрктөн[3] таап алыптыр.
Апсун[4] окуп сүйлөдү[5],
Алтын ооз кернейге
Арылдата үйлөдү[6].
Кернейди аскер угуптур[7],
Жети санат болгончо[8]
Көздөрүн[9] жуумп туруптур,
Көзүн ачып караса
Колду кудай уруптур.
Караганда нетиптир,
Бирден-бирден кетиптир.
Кай бирөөнүн[10] турганы
Аппак мөңгү[11] тоо болду,
Кай бирөөнүн турганы
Көз учкан бийик зоо[12] болду.
Кай бирөөнүн турганы
Аппак мөңгү[13] кар болду,
Аскер колдон айрылып,
Жан көрөргө[14] зар болду.
Кай бирөөнү[15] караса,
Чыгып кетер кыя жок,
Айланасы жар болду.
Кай бирөөнү караса,
Кайык минген дайрада,
Оозун ачып, оп тарткан
Туш-тушунда жаяны,
Жоо жоолаймын[16] — деп, келип,
Абыдан кетти аяны.
Кай бирөөнү карасаң,
Биябан*[12] чөл талаада,
Кай бирөөнү карасаң,
Темир зындан балаада.
Кай бирөөнү карасаң,
Чытырман калың ормондо*[18]
Кай бирөөнү[19] карасаң,
Чыккысыз кара коргондо[20].
Кай бирөөнү[21] карасаң,
Улуу шаар көчөдө[22],
Кай бирөөнү карасаң,
Ай карангы кечеде.
Кай бирөөнү карасаң,

Суу таба албай чөлдө[23] жүр,
Суусап анкап чөлдөп[1] жүр,
Қай бирөөнү карасаң[2]
Аяк-башы айчылык,
Айдың чалкар көлдө[3] жүр.
Қай бирөөнү карасаң,
Чынар терек башында,
Қай бирөөсү[4] жүрүптүр
Арстан, жолборс[5] кашында.
Қай бирөөсү жүрүптүр
Маймылга болду аралаш,
Қай бирөөнү карасаң,
Жан-жагында бөрү[6] жүр,
Жалманышып өлүп жүр.
Қай бирөөнү карасаң,
Эркек эле[7] эми эле,
Қатын болуп калыптыр,
Қарайлап жүрүп ал барып,
Эрге тийип алыптыр.
Қай бирөөнү карасаң,
Жыйырма беште жаш эле,
Токсон беш жашап калыптыр.
Қай бирөөнү карасаң,
Дүнүйөдө[8] бай эле,
Бакыр болуп калыптыр,
Жети атасы көрбөгөн
Жер үстүндө[9] бир байга
Малай жүрүп алыптыр,
«Мына[10] муну бат кыл!» — деп,
Башына таяк салыптыр.
Қайсы бирөөн карасаң
Байдан качып, карматып,
Балакетке калыптыр.
Қай бирөөнү карасаң,
Қара үңкүрдө[11] калыптыр,
Қачып чыгар жери жок,
Оозун ачып оп тартып,
Ажыдаар[12] тосуп алыптыр.
Қай бирөөнү карасаң,
Олтурарга[13] орун[14] жок,
Дүнүйөнүн[15] жүзүндө
Жылан басып калыптыр,
Қачып жүрүп жыландан
Чарчап болуп алыптыр,
Олтурарга жер таппай
Ойбойду[16] антип салыптыр.
Қай бирөөнү карасаң,
Қара куш илип алыптыр,
Қалабага калыптыр.
Чеңгелинен жылгызбай,
Ар тырмагы кылычтай,
Тумшуктары[1] канжардай,
Асманда жүрөт айланып,
Коркуп чочуп жан калбай:
«Коё[2] берсе нетем — деп,—
Ташка тийип быркырап,
Талкаланып кетем» — деп,
Қармап жүргөн кара куш,
Қандай сонун ушул иш —
Қанаттары беш кулач
Кара бою кериктей*,
Қара жерге түк конбой[3],
Асманда жүрөт эрикпей,
«Жердин жүзүн көрсөм — деп,—
Ыраазымын өлсөм» — деп.
Қай бирөөнү карасаң
Жер жүзүн чычкан алыптыр,
Эки ай — бир ай жүрсө[6] да
Кутула албай чычкандан
Куп балаага калыптыр.
Қай бирөөнү карасаң,
Сүйлөөрүнө[7] тил болуп,
Жүргөн жеринин баарысы
Жүнсүз[8] кара бил болуп,
Дүнүйөсү[9] тар болуп,
Билден коркуп кар болуп,
Бир адамды көрүүгө
Минтип алар зар болуп,
«Адам уулун[10] көрсөм — деп,—
Арманым жок өлсөм!» — деп,
Бил качырып туш-туштан,
Бир көөдөдө[11] курган жан
Чыгып жаны кетпеген,
Чын ажалы жетпеген.
Қай бирөөнү карасаң,
Керик деген жандарга
Кез келип андай заңгарга*,
Кериктен качып бурулуп[12],
Қабыланга урунуп[13],
Қачырып баса каларда
Чаткаяктан суурулуп[14],
Кутуларга[15] жер таппай,
Заманасы куурулуп:[16]
«Адам уулун көрсөм — деп,—
Ыраазымын өлсөм» — деп.
Қай бирөөнө[17] карасаң

Аркасынан сел каптап,
Чукул[18] жетип алыптыр,
Көрүп турса көл келет,
Көлгө чөгүп[19] өлөм — деп,
Чуркап качып калыптыр,
Кутуларга түк жер жок,
Кудай уруп салыптыр.
Чарчаганда олтурду[1],
Төбөсүнөн суу ашып,
Тумчуктуруп[2] болтурду[3].
Жан чыгарда туйлады,
«Куткарып суудан алсаң!» — деп,
Кудайына ыйлады.
Кай бирөөнө карасаң,
Учуруптур[4] шамалы,
Ушинтип кетти амалы,
Уча турган болгон соң,
«Карагай, кайың, тал барбы?
Кара шамал бороондон[5]
Кутулар[6] күнүм[7] барбы?» — деп,
Канчалык кылды арманды.
Кайсы жыгач болсо да
Түбү[8] менен сууруду[9],
Ташка-тоого урунуп,
Заманасы куурулду[10].
Көрсөм — деди, адамды,
Адам түгүл[11] көрө албайт
Айбан аттай бир жанды.
Кутула албай шамалдан,
Суу жаны чыкпай, камалган,
Көрбөгөнү[12] калбады
Дүнүйөдө жамандан.
Куюн[13] менен учуп жүр,
Карагайды кучуп[14] жүр,
«Адам уулун көрсөм — деп,—
Акыры көргөн заманда
Ажал жетип өлсөм» — деп,
Үч жүз сексен миң колду,
Ар бирөөнүн башына
Бир-бир балаа туш болду.
Аярлардын ишин көр,
Адаштырган кишин көр,
Алтыны коюп, үчүн[15] көр,
Ак тааланын амыры,
Апсун[16] — дуба[17] күчүн[18] көр!
Шыкыраган калың кол,
Жыйылган аскер кумдан мол.
Баары турган жанаша,

Колдору[19] кармап турушуп[20],
Бирин бири көрбөгөн
Мына[21] мындай тамаша.
Тигилген бойдон кош калды,
Жаракты баары бош калды.
Токулган[22] бойдон ат калды,
Токтолгон бойдон калк калды.
Аскерге келген адамдар
Айгай салып акырат,
Азап тартып бакырат.
Өз жаны менен өзү[1] алек,
Аландап карап көзү алек.
Билген сурап киши жок
Бир-биринин алыны,
Олтурган[2] жерде ойбойлоп[3],
Көрө турган бир жан жок.
Көп аскердин баарынын
Мээнетке кирбей баш калбай,
Ыйлап жашы түгөндү,
Көзүнөн тамар жаш калбай.
Алы кетип алсырап,
Найза тийбей кансырап,
Акылдан танып алдырап,
Мууну бошоп[4] шалдырап,
Эл-журтунан[5] айрылып,
Кезенденин* ичинде
Эки көзү жалдырап,
Олтурганы[6] ойбойлоп,
Боздоп[7] ыйлап бойбойлоп,
Копкондору[8] кокуйлап[9],
Баскандары байбайлап,
Чагалалап ыйлады,
Жашын бенде тыйбады,
Өкүматы[10] Алдадан,
Өлүп адам калбаган.
Өзү барат өлүмгө[11],
Өлбөй тирүү кутулат[12],
Кутулдум[13] деп, ойлосо[14]
Андан кыйын балаага
Андан бетер тутулат[15].
Багып күткөн малы жок,
Басып кетер алы жок,
Алың кандай? — деп, сураар
Адам уулу дагы жок,
Бир заматка кутулуп,
Эс алууга чагы жок.
Карарып жаткан калаасы,
Калаа түгүл кашында